# ИШЕНИМДИ КАМСЫЗ КЫЛУУЧУ ТАПШЫРМАЛАРДЫН ЭЛ АРАЛЫК СТАНДАРТЫ (ИКТЭС) 3402

# ТЕЙЛӨӨЧҮ УЮМДУН КОНТРОЛДОО КАРАЖАТТАРЫ ЖӨНҮНДӨ ТЕЙЛӨӨЧҮ УЮМДУН АУДИТОРУНУН ИШЕНИМДИ КАМСЫЗ КЫЛУУЧУ КОРУТУНДУСУ

(2011-жылдын 15-июнунда аяктаган же бул күндөн кийинки мезгилдер үчүн тейлөөчү уюмдардын аудиторлорунун ишенимди камсыз кылуучу корутундусуна карата күчүнө кирет)

**МАЗМУНУ**


| | Пункт |
|---|---|
| Киришүү | |
| Бул стандартты колдонуунун чөйрөсү | 1–6 |
| Күчүнө кирүү күнү | 7 |
| **Максаттар** | 8 |
| **Аныктамалар** | 9 |
| **Талаптар** | |
| ИКТЭС 3000 (кайра каралган) | 10 |
| Этикалык талаптар | 11 |
| Жетекчилик жана корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактар | 12 |
| Кабыл алуу жана улантуу | 13–14 |
| Критерийлердин колдонулушун баалоо | 15–18 |
| Маанилүүлүк | 19 |
| Тейлөөчү уюмдун системасы жагынан түшүнүк алуу | 20 |
| Сыпаттамага карата далилдерди алуу | 21–22 |
| Контролдоо каражаттарынын түзүмүнө карата далилдерди алуу | 23 |
| Контролдоо каражаттарынын операциялык натыйжалуулугуна карата далилдерди алуу | 24–29 |
| Ички аудит кызматынын иши | 30–37 |
| Жазуу жүзүндөгү билдирүүлөр | 38–40 |
| Башка маалымат | 41–42 |
| Отчеттук күндөн кийинки окуялар | 43–44 |
| Документация | 45–52 |
| Тейлөөчү уюмдун аудиторунун ишенимди камсыз кылуучу корутундуну даярдашы | 53–55 |
| Маалыматтык өз ара аракеттенүү боюнча башка милдеттер | 56 |
| **Пайдалануу боюнча колдонмо жана башка түшүндүрмө материалдар** | |
| Бул стандартты колдонуунун чөйрөсү | A1–A2 |
| Аныктамалар | A3–A4 |
| Этикалык талаптар | A5 |

Жетекчилик жана корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактар ................................ A6

Кабыл алуу жана улантуу ........................................................................................................ A7–A12

Критерийлердин колдонулушун баалоо ..................................................................................... A13–A15

Маанилүүлүк ........................................................................................................................... A16–A18

Тейлөөчү уюмдун системасы жагынан түшүнүк алуу .............................................................. A19–A20

Сыпаттамага карата далилдерди алуу ...................................................................................... A21–A24

Контролдоо каражаттарынын түзүмүнө карата далилдерди алуу ............................................. A25–A27

Контролдоо каражаттарынын операциялык натыйжалуулуган карата далилдерди алуу ........ A28–A36

Ички аудит кызматынын иши ..................................................................................................... A37–A41

Жазуу жүзүндөгү билдирүүлөр ................................................................................................ A42–A43

Башка маалымат ........................................................................................................................ A44–A45

Документация ........................................................................................................................... A46

Тейлөөчү уюмдун аудиторунун ишенимди камсыз кылуучу корутундуну даярдашы ............ A47–A52

Маалыматтык өз ара аракеттенүү боюнча башка милдеттер ................................................. A53

1-тиркеме: Тейлөөчү уюмдун ырастоолорунун мисалдары

2-тиркеме: Тейлөөчү уюмдун аудиторунун ишенимди камсыз кылуучу корутундуларынын мисалдары

3-тиркеме: Тейлөөчү уюмдун аудиторунун ишенимди камсыз кылуучу модификацияланган корутундуларынын мисалдары

---

Ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалардын эл аралык стандарты (ИКТЭС) 3402 *«Тейлөөчү уюмдун контролдоо каражаттары жөнүндө тейлөөчү уюмдун аудиторунун ишенимди камсыз кылуучу корутундусун»* ИКТЭСтин колдонуу чөйрөсүн белгилей турган *“Сапатты контролдоонун, аудиттин, обзордук текшерүүлөрдүн, ишенимди камсыз кылуучу башка тапшырмалардын жана коштоочу кызмат көрсөтүү боюнча тапшырмалардын эл аралык стандарттарынын жыйнагынын баш сөзү”* менен бирге кароо керек

## Киришүү

**Ушул стандартты колдонуу чөйрөсү**

1. Ушул Ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалардын эл аралык стандарты (ИКТЭС) практикалык адис[1] тарабынан, пайдалануучу ишканалар жана алардын аудиторлору үчүн финансылык отчеттуулукту даярдоого карата пайдалануучу ишкананын ички контролдоо системасына тиешелүү болушу ыктымал болгон, контролдоо каражаттарына карата корутунду берүү максатында аткарылып жаткан ишенимди камсыз кылуучу тапшырмаларга карата колдонулат. Ал АЭС 402ни[2] толуктайт, анткени ушул стандартка ылайык даярдалган корутундулар АЭС 402ге ылайык тийиштүү далилдерди камсыздай алат (А1-пунктун караңыз).
2. *Ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалардын эл аралык концепциясына* (Ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалардын концепциясы) ылайык, ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалар «акылга сыярлык ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалар» жана «чектелген ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалар» болушу мүмкүн; ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалар, «ырастоо боюнча тапшырмалар» же «түздөн-түз баалоо[3] боюнча тапшырмалар» болушу мүмкүн. Ушул Стандарт ырастоо боюнча акылга сыярлык ишенимди камсыз кылган тапшырмаларга карата гана колдонулат[4].
3. Ушул стандарт, тейлөөчү уюм контролдоо каражаттарынын талаптагыдай түзүмү үчүн жоопкерчилик тарткан же башка негиздер боюнча контролдоо каражаттарынын түзүмүнө карата ырастоону түзгөн учурларда гана колдонулат. Бул стандарт ишенимди камсыз кылуучу тапшырмаларга карата колдонулбайт:
   (a) алардын максаты тейлөөчү уюмдун контролдоо каражаттары сыпаттамага ылайык иштеп жаткандыгы же жоктугу жөнүндө корутундуну берүүдө турат, же
   (b) алардын максаты кызмат менен байланыштуу контролдоо каражаты болуп саналбаган, финансылык отчеттуулукту даярдоого карата пайдалануучу ишкананын ички контролдоо системасына тиешеси болушу мүмкүн болгон тейлөөчү уюмдун контролдоо каражаттары жөнүндө (мисалы, пайдалануучу ишкананын өндүрүшүнө же сапатты контролдоосуна таасир этүүчү контролдоо каражаттары жөнүндө) корутундуну берүүдө турат.

   Ошондой болсо да, ушул стандарт ИКТЭС 3000ге (кайра каралган) ылайык аткарылуучу мындай тапшырмаларга карата кээ бир көрсөтмөлөрдү камтыйт (А2-пунктун караңыз).

4. Контролдоо каражаттарына карата ишенимди камсыз кылуучу корутундуну чыгарууга кошумча түрдө, тейлөөчү уюмдун аудитору мындан ары саналган, ушул стандарт колдонулбай турган отчетторду даярдоого тартылышы мүмкүн:
   (a) эсебин тейлөөчү уюм жүргүзгөн пайдалануучу ишкананын операциялары же эсептер боюнча калдыктары жөнүндө отчет; же
   (b) тейлөөчү уюмдун контролдоо каражаттарына карата макулдашылган жол-жоболорду аткаруунун натыйжалары жөнүндө отчет.

*ИКТЭС 3000 (кайра каралган), башка кесиптик стандарттар жана башка талаптар менен өз ара байланышы*

5. Тейлөөчү уюмдун аудитору, тейлөөчү уюмда контролдоо каражаттарына карата ишенимди камсыз кылуучу тапшырмаларды аткарууда ИКТЭС 3000дин (кайра каралган) жана ушул стандарттын талаптарын сактоого тийиш. Ушул ИКТЭС ИКТЭС 3000ди (кайра каралган) толуктайт, бирок алмаштырбайт, ошондой эле тейлөөчү уюмдун контролдоо каражаттары жөнүндө корутунду түзүү үчүн акылга сыярлык ишенимди камсыз кылуу боюнча тапшырманы

---

[1] ИКТЭС 3000 (кайра каралган) «*Өткөн мезгилдердеги финансылык маалыматтын аудитинен же обзордук текшерүүсүнөн айырмаланган ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалар*», 12(г)-пункту

[2] АЭС 402 "Тейлөөчү уюмдун кызмат көрсөтүүлөрүн пайдаланып жаткан ишкананын аудитинин өзгөчөлүктөрү"

[3] ИКТЭС 3000 (кайра каралган), 12-пункт.

[4] Ушул стандарттын 13 жана 53(k)-пункттары

аткарууда ИКТЭС 3000ди (кайра каралган) кандай колдонуу керектиги жөнүндө жобону кеңейтет.

6. ИКТЭС 3000дин (кайра каралган) талаптарын сактоо, анын ичинде аудитор тарабынан ишенимди камсыз кылуу боюнча тапшырмаларды аткарууга байланыштуу Бухгалтерлердин этикасынын эл аралык стандарттары боюнча кеңештин *Кесипкөй бухгалтерлердин этика кодексинин* (БЭЭСК Кодекси) А жана Б бөлүктөрүнүн сакталышын же дагы башка кесиптик талаптарды, же мыйзамда же ченемдик актыда белгиленген талаптарды БЭЭСК Кодексинин талаптарына караганда катуу талаптарды сактоону карайт.[5] Мындан тышкары, тапшырманын жетекчисинин СКЭС 1ди[6] же башка кесиптик талаптарды, же болбосо мыйзамда же ченемдик актыда белгиленген СКЭС 1ден кем эмес катуу талаптарды колдонгон аудитордук уюмдун катышуучусу болушу талап кылынат.

**Күчүнө кирүү күнү**

7. Ушул стандарт 2011-жылдын 15-июнунда же бул күндөн кийин аяктаган мезгилдер үчүн тейлөөчү уюмдардын аудиторлорунун ишенимди камсыз кылуучу корутундуларына карата күчүнө кирет.

**Максаттар**

8. Тейлөөчү уюмдун аудиторунун астында төмөнкү максаттар коюлган:
   - (a) бардык маанилүү мамилелерде тийиштүү критерийлердин негизинде төмөндөгүлөрдө акылга сыярлык ишенимди алуу:
     - (i) тейлөөчү уюмдун өзүнүн системасынын сыпаттамасы системаны көрсөтүлгөн мезгил ичинде (же көрсөтүлгөн күнгө карата абал боюнча биринчи типтеги корутундуга карата) кайсы учурда иштелип чыкса жана колдонулса, ошол түрдө ишенимдүү чагылдырат;
     - (ii) контролдоо каражаттарынын тейлөөчү уюмдун өзүнүн системасынын сыпаттамасында билдирилген максаттарына кирген контролдоо каражаттары тиешелүү түрдө көрсөтүлгөн мезгилдин ичинде (же көрсөтүлгөн күнгө карата абал боюнча биринчи типтеги корутундуга карата) уюштурулган;
     - (iii) контролдоо каражаттары, эгерде алар тапшырманын көлөмүнө киргизилсе, тейлөөчү уюмдун өзүнүн системасынын сыпаттамасында билдирилген контролдун максаттарына бардык көрсөтүлгөн мезгилдин ичинде жетишилгендигине акылга сыярлык ишенимди камсыз кылуу үчүн натыйжалуу иштесе;
   - (b) тейлөөчү уюмдун аудитору тапкан фактыларга ылайык (a) пунктунда көрсөтүлгөн маселелер боюнча корутунду берүү.

## Аныктамалар

9. Бул стандарттын максаттары үчүн төмөндөгү терминдер төмөндө келтирилген маанилерге ээ:
   - (a) Алып салуу методу - тейлөөчү уюмдун субподрядчысынын кызмат көрсөтүүлөрүнө карата колдонулуучу метод, мында тейлөөчү уюм даярдаган анын системасынын сыпаттамасы тейлөөчү уюмдун субподрядчысы кызмат көрсөтүшүнүн мүнөзү жөнүндө маалыматты камтыйт, бирок тейлөөчү уюмдун субподрядчысын контролдоо каражаттарынын тиешелүү максаттары жөнүндө маалыматты жана алар менен байланышкан контролдоо каражаттарын камтыбайт, алар ошондой эле тейлөөчү

---

[5] ИКТЭС 3000 (кайра каралган), 3(a), 20 жана 34-пункттары

[6] ИКТЭС 3000дин (кайра каралган) 3(b) жана 31(a) пункттары. Сапатты контролдоо боюнча эл аралык стандарт (СКЭС) 1 «*Финансылык отчеттуулуктун аудитин жана обзордук текшерүүлөрдү жүргүзүүчү, ошондой эле ишенимди камсыз кылуучу башка тапшырмаларды жана коштоочу кызмат көрсөтүүлөр боюнча тапшырманы аткаруучу аудитордук уюмдарда сапатты контролдоо*»

уюмдун аудитору тарабынан тапшырманын көлөмүнөн алып салынган. Тейлөөчү уюм тарабынан анын системасынын сыпатталышы жана тейлөөчү уюмдун аудиторунун тапшырмасынын көлөмү тейлөөчү уюмдун субподрядчысынын контролдоо каражаттарынын натыйжалуулугуна мониторинг жүргүзүү үчүн пайдаланылуучу тейлөөчү уюмдун контролдоо каражаттарын камтыйт, алар тейлөөчү уюмдун субподрядчысынын контролдоо каражаттарына карата ишенимди камсыз кылуучу корутундуга талдоону камтышы мүмкүн.

(b) пайдалануучу ишкананын кошумча контролдоо каражаттары – тейлөөчү уюм болжолдогондой, пайдалануучу ишканалар өзүнүн кызмат көрсөтүүлөрүн уюштурууда киргизе турган жана, эгерде алар контролдоо каражаттарынын максаттарына жетишүү зарыл болсо, анын системасынын сыпаттамасында аныктала турган контролдоо каражаттары.

(c) Контролдоонун максаты - контролдоо системасынын айрым аспектинин максаты же милдети. Контролдун максаттары контролдоо каражаттары төмөндөтүүгө тийиш болгон тобокелдиктер менен байланышкан.

(d) Тейлөөчү уюмдун контролдоо каражаттары - тейлөөчү уюмдун аудиторунун ишенимди камсыз кылуучу корутундусуна киргизилген контролдун максаттарына жетүүнү көздөгөн контролдоо каражаттары (А3-пунктун караңыз).

(e) Тейлөөчү уюмдун субподрядчысынын контролдоо каражаттары - контролдоонун максаттарына жетишүүдө акылга сыярлык ишенимди камсыз кылуучу тейлөөчү уюмдун субподрядчысынын контролдоо каражаттары.

(f) Критерийлер - тапшырманын предметин баалоо же өлчөө үчүн колдонулган контролдук көрсөткүчтөр. Колдонулуучу критерийлер - бул конкреттүү тапшырма үчүн колдонулуучу критерийлер.

(g) Кошуу методу - тейлөөчү уюмдун субподрядчысынын кызмат көрсөтүүлөрүнө карата колдонулуучу метод, мында тейлөөчү уюмдун өзүнүн системасынын сыпаттамасы тейлөөчү уюмдун субподрядчысына көрсөтүлүүчү кызмат көрсөтүүлөрдүн мүнөзү жөнүндө маалыматты, ошондой эле тейлөөчү уюмдун субподрядчысын жана алар менен байланышкан контролдоо каражаттарын ички контролдоонун тиешелүү максаттары жөнүндө маалыматты камтыйт, алар ошондой эле тейлөөчү уюмдун аудиторунун тапшырмасы боюнча иштин көлөмүнө кирет (А4-пунктун караңыз).

(h) Ички аудит кызматы - ишенимди камсыз кылуучу тапшырманы аткаруучу уюмдун функциялык бөлүмү, ал ишкананын корпоративдик башкаруусунун, менеджмент тобокелдиктин жана ички контролдоо системасынын процесстеринин натыйжалуулугун баалоого жана жакшыртууга багытталган консультациялык ишти жүргүзөт.

(i) Ички аудиторлор - ички аудит кызматынын алкагында иш жүргүзүүчү жеке жактар. Ички аудиторлор ички аудит департаментинин же ушундай кызматтын кызматкерлери болуп саналышы мүмкүн.

(j) Тейлөөчү уюмдагы контролдоо каражаттарынын сыпаттамасына жана түзүмүнө карата корутунду (ушул стандартта «биринчи типтеги корутунду» деген аталыш колдонулат) – төмөндөгүлөр курамына кирген корутунду:

(i) тейлөөчү уюм өзүнүн системасын сыпаттоосу;

(ii) учурдагы бардык мамилелерде жана тиешелүү критерийлердин негизиндк тейлөөчү уюмдун төмөнкүлөр жөнүндө жазуу жүзүндөгү ырастоосу:

a. сыпаттама тейлөөчү уюмдун системасын ал көрсөтүлгөн мезгил ичинде кандай иштелип чыкканын жана киргизилгенин туура чагылдырат;

b. тейлөөчү уюмдун өзүнүн системасынын сыпаттамасында билдирилген контролдун максаттарына кирген контролдоо каражаттары көрсөтүлгөн мезгилге карата ойдогудай түрдө уюштурулган; жана

(iii) тейлөөчү уюмдун аудиторунун жогорудагы (ii)a-b-пунктчаларында көрсөтүлгөн маселелерге карата акылга сыярлык ишенимди камсыз кылуучу тыянакты камтыган корутундусу.

(k) Тейлөөчү уюмдун контролдоо каражаттарынын сыпаттамасы, түзүмү жана операциялык натыйжалуулугу жагынан корутунду (бул стандартта «экинчи типтеги корутунду» аталышы колдонулат) – анын курамына төмөндөгүлөр кирет:

(i) тейлөөчү уюм өзүнүн системасын сыпаттоосу;

(ii) бардык олуттуу мамилелерде жана тиешелүү критерийлердин негизинде тейлөөчү уюмдун жазуу жүзүндөгү ырастоосу :

a. сыпаттама тейлөөчү уюмдун системасын ал көрсөтүлгөн мезгил ичинде кандай иштелип чыкканын жана киргизилгенин ишенимдүү чагылдырат;
b. тейлөөчү уюмдун өзүнүн системасынын сыпаттамасында көрсөтүлгөн контролдун максаттарыныа тиешелүү контролдоо каражаттары көрсөтүлгөн мезгилдин ичинде ойдогудай түрдө уюштурулган; жана
c. тейлөөчү уюмдун системасынын сыпаттамасында билдирилген контролдун максаттарына тиешелүү контролдоо каражаттары көрсөтүлгөн мезгилдин ичинде натыйжалуу иштеген; жана

(iii) тейлөөчү уюмдун аудиторунун ишенимди камсыз кылуучу корутундусу, ал:

a. жогорудагы (ii)a-c пунктчаларында көрсөтүлгөн маселелер боюнча акылга сыярлык ишеним жагынан тыянакты камсыз кылат;

b. контролдоо каражаттарынын жана алардын натыйжаларынын тесттеринин сыпаттамасын камтыйт.

(l) Тейлөөчү уюмдун аудитору – тейлөөчү уюмдун суроо-талабы боюнча тейлөөчү уюмдун контролдоо каражаттары жагынан ишенимди камсыз кылуучу корутундуну берүүчү практикалык адис.

(m) Тейлөөчү уюм - үчүнчү тарап (же үчүнчү тарап болуп саналган уюмдун сегменти) болуп саналган жана финансылык отчеттуулукту даярдоого карата пайдалануучу ишкананын ички контролдоо системасына таандык болушу мүмкүн болгон пайдалануучу ишканаларга кызмат көрсөтүп жаткан уюм.

(n) Тейлөөчү уюмдун ырастоосу - 9(k)(ii)-пунктта (же биринчи типтеги корутунду үчүн 9(j)(ii)-пунктунда) көрсөтүлгөн маселелер боюнча жазуу жүзүндөгү ырастоо.

(o) Тейлөөчү уюмдун системасы (же система) - аларга карата тейлөөчү уюмдун адитору ишенимди камсыз кылуучу тапшырма боюнча корутунду бере турган пайдалануучу ишканаларга кызмат көрсөтүү үчүн тейлөөчү уюм иштеп чыккан жана киргизген саясат жана жол-жоболор. Тейлөөчү уюм өзүнүн системасын сыпаттоосу берилүүчү кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө, сыпаттама таандык болгон мезгил же (биринчи типтеги корутунду жагынан) күн, ички контролдоо максаттары жана контролдоонун тиешелүү каражаттары жөнүндө маалыматты камтыйт.

(p) Тейлөөчү уюмдун субподрядчысы - пайдалануучу ишканаларга берилүүчү жана, кыязы, финансылык отчеттуулукту даярдоо менен байланышкан пайдалануучу ишканалардын ички контролдоо каражаттарына кирген айрым кызмат көрсөтүүлөрдү аткаруу үчүн башка тейлөөчү уюм тарабынан пайдаланыла турган тейлөөчү уюм.

(q) Контролдоо каражаттарынын тести – тейлөөчү уюмдун өзүнүн системасынын сыпаттамасында билдирилген контролдун максаттарына жетишүүдө контролдоо каражаттарынын операциялык натыйжалуулугун баалоого арналган жол-жобо

(r) Пайдалануучу ишкананын аудитору - пайдалануучу ишкананын финансылык отчеттуулугунун аудитин жүргүзүүчү жана ал жөнүндө корутундуларды берүүчү аудитор.[7]

(s) Пайдалануучу ишкана - тейлөөчү уюмду пайдаланып жаткан ишкана.

## Талаптар

**ИКТЭС 3000 (кайра каралган)**

10. Тейлөөчү уюмдун аудитору, эгерде ал ушул стандарттын жана ИКТЭС 3000дин (кайра каралган) бардык талаптарын аткарбаса, ушул стандарттын сакталышы жөнүндө билдирүүгө тийиш эмес.

**Этикалык талаптар**

11. Тейлөөчү уюмдун аудитору ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалардын алкагында БЭЭСК Кодексинин А жана Б бөлүктөрүндө белгиленген тиешелүү этикалык талаптарды же башка кесиптик талаптарды же мыйзамда же ченемдик актыда белгиленген БЭЭСК Кодексинин талаптарынан кем эмес катуу талаптарды сактоого тийиш (А5-пунктун караңыз).

**Жетекчилик жана корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактар**

12. Ушул стандартка ылайык тейлөөчү уюмдун аудитору суроо-талап жөнөтүүгө, жазуу жүзүндө түшүндүрмө берүүнү талап кылууга, маалымдоого же тейлөөчү уюм менен башкача түрдө өз ара аракеттенүүгө милдеттүү болгон учурда, ал өз ара аракеттенүүгө тийиш болгон тейлөөчү уюмдун жетекчилигинин же башкаруу түзүмүнүн курамында тиешелүү адамды (тиешелүү адамдарды) аныктоого тийиш. Мындай учурда аудитор келип чыккан маселелер үчүн кайсы адам же кайсы адамдар жоопкерчиликте болорун жана алар жөнүндө маалымдар экенин кароого тийиш (А6-пунктун караңыз).

**Кардар менен мамилелерди кабыл алуу жана (же) улантуу**

13. Тапшырманы кабыл алуудан же улантуудан мурда тейлөөчү уюмдун аудитору төмөндөгүлөргө милдеттүү:

(a) төмөнкүлөрдү аныктоого:

(i) тейлөөчү уюмдун аудиторунун тапшырманы аткаруу үчүн керектүү мүмкүнчүлүгү жана компетенциясы барбы (А7-пунктун караңыз);

(ii) практикалык адистин божомолуна ылайык, тейлөөчү уюм өзүнүн системасын сыпаттоо үчүн колдонуп жаткан критерийлер пайдалануучу ишканалар жана алардын аудиторлору үчүн талаптагыдай жана жеткиликтүү болуп саналабы; ошондой эле

(iii) тапшырма боюнча иштердин көлөмү жана тейлөөчү уюмдун өзүнүн системасынын сыпаттамасы алар пайдалануучу ишканалар жана алардын аудиторлору үчүн пайдалуу болоору арсар болгудай түрдө чектелген болуп саналбайбы;

(b) тейлөөчү уюмдун төмөнкүдөй өз жоопкерчилигин таанып жана түшүнгөнүнө карата макулдугун алууга:

(i) анын системасынын сыпаттамасын жана тейлөөчү уюмдун тиркелүүчү ырастоосун даярдоо үчүн, анын ичинде аталган сыпаттаманын жана ырастоонун толуктугу, тактыгы жана берүү методу үчүн (А8-пунктту караңыз);

---

7 Тейлөөчү уюмдун субподрядчысы болгон учурда тейлөөчү уюмдун субподрядчысынын кызматын пайдалануучу ишкананын аудитору дагы пайдалануучу ишкананын аудитору болуп эсептелет.

(ii) системанын сыпаттамасы менен бирге көрсөтүлгөн тейлөөчү уюмдун ырастоолору үчүн акылга сыярлык негиздердин болушу (A9-пунктун караңыз);

(ii) системанын сыпаттамасын даярдоо үчүн пайдаланылган критерийлерди тейлөөчү уюмдун ырастоосунда көрсөтүү;

(iii) системанын сыпаттамасында төмөндөгүлөрдү көрсөтүү:

a. ички контролдун максаттары; жана

b. максаттарды мыйзамдар же ченемдик актылар же болбосо башка тарап (мисалы, пайдалануучулар тобу же кесиптик уюм) аныктган учурларда, аларды аныктаган тарапты көрсөтүү;

(iv) системанын сыпаттамасында билдирилген ички контролдун максаттарына жетишүүгө коркунуч жараткан тобокелдиктерди аныктоо, ошондой эле бул тобокелдиктер системанын сыпаттамасында билдирилген ички контролдун максаттарына жетишүүгө тоскоол болбой тургандыгына, жана тиешелүү түрдө, ички контролдун билдирилген максаттарына жетишиле тургандыгына ишенимди камсыз кылуучу контролдоо каражаттарын иштеп чыгуу жана ишке киргизүү (A10-пунктту караңыз);

(v) тейлөөчү уюмдун аудиторуна төмөндөгүлөрдү берүү:

a. бухгалтердик жазуулар, документация жана башка маалыматтар сыяктуу бардык маалыматтарга, анын ичинде тейлөөчү уюмга белгилүү болгон тейлөө деңгээли жөнүндө макулдашууларга жана тейлөөчү уюмдун системасынын сыпаттамасына жана тейлөөчү уюмдун тиркелүүчү ырастоосуна тиешеси бар башка маалыматтарга жеткиликтүүлүктү;

b. ишенимди камсыз кылуучу тапшырманы аткаруу максаттары үчүн тейлөөчү уюмдун аудитору тарабынан суралышы мүмкүн болгон кошумча маалыматты; жана

c. тейлөөчү уюмдун аудиторуна далилдерди алуу үчүн зарыл болгон тейлөөчү уюмдун ичиндеги адамдарга чектелбеген жеткиликтүүлүктү.

*Тапшырманын шарттарында өзгөрүүлөрдү кабыл алуу*

14. Эгерде тейлөөчү уюм тапшырма боюнча иштин көлөмүнө өзгөртүүнү ал аяктаганга чейин киргизүүнү өтүнсө, тейлөөчү уюмдун аудитору мындай өзгөртүү негиздүү экендигине ынанууга тийиш (A11-A12-пункттарын караңыз).

**Киртерийлердин жарактуулугун аныктоо**

15. Тейлөөчү уюмдун аудитору контролдоо каражаттарынын түзүмүнүн тиешелүү мүнөзүн баалоодо жана контролдоо каражаттарынын иштешинин натыйжалуулугун баалоодо экинчи типтеги корутундуга карата колдонууда, тейлөөчү уюм анын системасынын сыпаттамасын даярдоодо тийиштүү критерийлерди колдонгондугун аныктоого тийиш.

16. Тейлөөчү уюм даярдаган анын системасынын сыпаттамасын баалоо үчүн киртерийлердин жарактуулугун аныктоодо тейлөөчү уюмдун аудитору критерийлер жок дегенде төмөнкүлөрдү камтый тургандыгын же жоктугун белгилөөгө тийиш:

(a) сыпаттама тейлөөчү уюмдун системасы кантип иштелип чыккандыгын жана ишке киргизилгендигин, анын ичинде, эгерде зарыл болсо, төмөнкүлөрдү чагылдырабы:

(i) көрсөтүлгөн кызматтардын түрлөрүн, анын ичинде, эгерде зарыл болсо, иштелип чыккан операциялардын түрлөрүн;

(ii) маалыматтык технологиялар системасынын, ошондой эле автоматташтырылбаган системалардын алкагында колдонулуучу жол-жоболорду, алардын жардамы менен кызматтар көрсөтүлөт, эгерде зарыл болсо, алар аркылуу операциялар демилгеленип, эсепке алынат, иштелип чыгат, зарылдыгына жараша оңдолот жана пайдалануучу ишканалар үчүн даярдалган отчетторго жана башка маалыматтык булактарга көчүрүлөт;

(iii) тиешелүү жазууларды жана ырастоочу маалыматты, анын ичинде, зарыл болсо, бухгалтердик эсептин маалыматтарын, ырастоочу маалыматты, операцияларды демилгелөө, эсепке алуу, иштеп чыгуу жана аларды отчетторго киргизүү үчүн пайдаланылуучу атайын эсептерди; ошондой эле туура эмес маалыматтарды оңдоону жана пайдалануучу ишканалар үчүн даярдалган отчетторго жана башка маалыматтык булактарга которуу процессин;

(iv) тейлөөчү уюмдун системасы операция болуп саналбаган олуттуу окуяларды жана шарттарды кантип эске аларын;

(v) пайдалануучу ишканалар үчүн корутунду жана башка маалыматтарды даярдоо үчүн колдонулган процессти;

(vi) ички контролдун белгиленген максаттары жана бул максаттарга жетүү үчүн арналган контролдоо каражаттарын;

(vii) контролдоо каражаттарын иштеп чыгууда караштырылган пайдалануучу ишканадагы контролдоонун кошумча каражаттарын;

(viii) тейлөөчү уюмдун контролдук чөйрөсүнүн, тобокелдиктерди баалоо процессинин, маалымат системасынын (анын ичинде тийиштүү бизнес-процесстердин) жана маалыматтык өз ара аракеттенүүнүн, көрсөтүлгөн кызматтарга колдонулуучу контролдоо каражаттарынын мониторингинин жана контролдук иш аракеттердин башка аспекттерин;

(b) экинчи типтеги корутундуга карата колдонууда: сыпаттама берилүүчү мезгилдин ичинде тейлөөчү уюмдун системасындагы өзгөртүүлөр жөнүндө тиешелүү маалыматты камтыйбы;

(c) сыпаттама тейлөөчү уюмдун системасынын сыпаттамасынын колдонуу чөйрөсүнө тиешелүү маалыматты таштап кетүүлөрдү же бурмалоолорду камтыйбы же жокпу, мында сыпаттама пайдалануучу ишканалардын жана алардын аудиторлорунун кеңири чөйрөсүнүн жалпы керектөөлөрүн канааттандыруу максаттары үчүн даярдалат жана, тиешелүү түрдө, өзүнчө пайдалануучу ишкана жана анын аудитору белгилүү шарттарда маанилүү деп эсептеши мүмкүн болгон тейлөөчү уюмдун системасынын бардык аспекттерин камтыбашы мүмкүн деп таанылат.

17. Контролдоо каражаттарынын түзүмүн баалоо үчүн киртерийлердин жарактуулугун аныктоодо тейлөөчү уюмдун аудитору кеминде төмөнкүлөрдү камтый тургандыгын же жоктугун аныктоого тийиш:

(a) тейлөөчү уюм өзүнүн системасынын сыпаттамасында ички контролдун максаттарына жетишүүгө коркунуч келтирген тобокелдиктерди ачып көрсөткөнүн же жоктугун;

(b) сыпаттамада көрсөтүлгөн контролдоо каражаттары (аларды сыпаттамага ылайык колдонууда) ушул тобокелдиктер ички контролдун билдирилген максаттарына жетишүүгө тоскоолдук кылаарына акылга сыярлык ишенимди камсыз кылаарын же жоктугун.

18. Сыпаттамада билдирилген ички контролдун максаттарына жетишилет деген акылга сыярлык ишенимди камсыз кылуу максатында контролдоо каражаттарынын операциялык натыйжалуулугун баалоо үчүн киртерийлердин жарактуулугун аныктоодо тейлөөчү уюмдун аудитору критерийлер көрсөтүлгөн бүткүл мезгилдин ичинде аларды иштеп чыгууда каралгандай аз дегенде контролдоо каражаттарын ырааттуу колдонууну камтыгандыгын же жоктугун белгилөөгө, ошондой эле тиешелүү компетенциясы жана ыйгарым укуктары бар адамдар тарабынан контролдоонун кол каражаттары колдонулгандыгын же жоктугун аныктоого тийиш (А13-А15-пункттарын караңыз).

**Маанилүүлүк**

19. Тапшырманы пландаштырууда жана аткарууда тейлөөчү уюмдун аудитору контролдоо каражаттарынын сыпаттамасын, түзүмүнүн тиешелүү мүнөзүн жана, экинчи типтеги корутундуга карата, контролдоо каражаттарынын операциялык натыйжалуулугун ишенимдүү берүү маселелерин карап чыгууда маанилүүлүктү эске алууга тийиш (А16-А18-пункттарды караңыз).

**Тейлөөчү уюмдун системасы жагынан түшүнүк алуу**

20. Тейлөөчү уюмдун аудитору тейлөөчү уюмдун системасы, анын ичинде тапшырманын алкагында аткарылуучу иштердин көлөмүнө кирген контролдоо каражаттары жагынан түшүнүк алууга тийиш (А19-А20-пункттарды караңыз).

**Сыпаттамага карата далилдерди алуу**

21. Тейлөөчү уюмдун аудитору тейлөөчү уюм тарабынан даярдалган анын системасынын сыпаттамасы жагынан түшүнүк алууга жана аны изилдөөгө, ошондой эле төмөнкүлөрдү кошкондо, тапшырма боюнча иштердин көлөмүнө кирген сыпаттаманын аспекттеринин ишенимдүү көрсөтүлгөнүн же жоктугун баалоого тийиш (А21-А22-пункттарын караңыз):

(a) тейлөөчү уюмдун өзүнүн системасынын сыпаттамасында билдирилген ички контролдун максаттары конкреттүү жагдайларда негиздүү болуп саналабы (А23-пунктун караңыз);

(b) бул сыпаттамада көрсөтүлгөн контролдоо каражаттары ишке киргизилгенби;

(c) пайдалануучу ишкана тарабынан колдонулуучу кошумча контролдоо каражаттары бар болгондо, алар тиешелүү түрдө сыпатталганбы; жана

(d) тейлөөчү уюмдун субподрядчысы тарабынан сунушталган кызмат көрсөтүүлөр тиешелүү түрдө сыпатталганбы, анын ичинде аларга карата кошуу методу же алып салуу методу колдонулганбы.

22. Тейлөөчү уюмдун аудитору суроо-талаптарды жөнөтүү менен катар эле колдонулуучу башка жол-жоболордун жардамы менен тейлөөчү уюмдун системасы киргизилгенин же жоктугун белгилөөгө тийиш. Аталган жол-жоболор тейлөөчү уюмдун системасы кантип иштегендигине жана контролдоо каражаттары кандай колдонулгандыгына карата жазууларга жана башка документацияга байкоо жүргүзүүнү жана инспекциялоону камтууга тийиш (А24-пунктун караңыз).

**Контролдоо каражаттарынын түзүмүнө карата далилдерди алуу**

23. Тейлөөчү уюмдун аудитору системанын сыпаттамасында билдирилген ички контролдун максаттарына жетүү үчүн тейлөөчү уюмдун кандай контролдоо каражаттары зарыл экендигин аныктайт жана бул контролдоо каражаттары тийиштүү түрдө уюштурулгандыгын же жоктугун баалайт. Мындай аныктама өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт (А25-А27-пункттарын караңыз):

(a) ички контролдун максаттарына жетүүгө коркунуч туудурган, тейлөөчү уюмдун системасынын сыпаттамасында билдирилген тобокелдиктерди аныктоо; жана

(b) тейлөөчү уюмдун өзүнүн системасынын сыпаттамасында көрсөтүлгөн контролдоо каражаттары менен аныкталган тобокелдиктердин ортосундагы өз ара байланышты баалоо.

**Контролдоо каражаттарынын операциялык натыйжалуулугуна карата далилдерди алуу**

24. Экинчи типтеги корутунду берилген учурда тейлөөчү уюмдун аудитору даярдалган тейлөөчү уюмдун системасынын сыпаттамасында билдирилген ички контролдун максаттарына жетүү үчүн зарыл деп эсептеген контролдоо каражаттарын тесттен өткөрөт жана мезгил ичинде алардын операциялык натыйжалуулугун баалайт. Мурдагы тапшырмаларды аткаруунун натыйжасында алынган контролдоо каражаттарынын тиешелүү иштөөсүнө карата далилдер, эгерде алар учурдагы мезгилде алынган далилдер менен толукталса, тестирлөөнүн көлөмүн азайтууга негиз болуп саналбайт (А28-А32-пункттарын караңыз).

25. Контролдоо каражаттарынын тестин иштеп чыгуу жана жүргүзүү учурунда тейлөөчү уюмдун аудитору:

(a) төмөнкү маселелерге карата далилдерди алуу үчүн суроо-талаптарды жиберүү менен катар башка жол-жоболорду аткарат:

(i) контролдоо каражаттары кантип колдонулган;

(ii) контролдоо каражаттарын колдонуунун ырааттуулугу;

(iii) контролдоо каражаттары ким тарабынан же кандай түрдө колдонулду;

(b) тестирленип жаткан контролдоо каражаттары башка контролдоо каражаттарынан (кыйыр контролдоо каражаттарынан) көз каранды болгонун/болбогонун жана эгерде бул ушундай болсо, анда бул кыйыр контролдоо каражаттарынын операциялык натыйжалуулугун тастыктаган далилдерди алуу зарылдыгы бар же жок экендигин аныктайт (А33-А34-пункттарын караңыз);

(c) жол-жоболордун максаттарына жетишүү үчүн натыйжалуу болуп саналган тестирлөө үчүн элементтерди тандоо каражаттарын аныктайт (А35-А36-пункттарын караңыз).

26. Контролдоо каражаттарын тестирлөөнүн көлөмүн аныктоодо тейлөөчү уюмдун аудитору тестирленүүчү башкы жыйындынын мүнөздөмөсүн, анын ичинде контролдоо каражаттарынын мүнөзүн, аларды колдонуунун жыштыгын (мисалы, ай сайын, күн сайын, бир күндө бир нече жолу) жана четтөөнүн күтүлүп жаткан ченемин карайт.

*Ылгоо*

27. Эгерде тейлөөчү уюмдун аудитору ылгоону пайдаланса, ал (А35-А36-пункттарды караңыз) төмөндөгүлөрдү аткарууга тийиш:

(a) ылгоону пландаштырууда ылгоо жасала турган башкы жыйындынын жол-жобосунун жана мүнөздөмөсүнүн максатын эске алууга;

(b) алгылыктуу төмөн деңгээлге чейин ылгоо менен байланышкан тобокелдикти азайтуу үчүн жетиштүү болгон ылгоонун көлөмүн аныктоого;

(c) текшериле турган башкы жыйындынын ар бир элементи тандалып алына тургандай түрдө ылгоо элементтерин тандап алууга;

(d) эгерде иштелип чыккан жол-жобо тандалып алынган элементке карата колдонулбаса, жол-жобону биринчинин ордуна тандалып алынган элементке карата колдонууга;

(e) иштелип чыккан жол-жоболорду же тандалган элементке карата тиешелүү альтернативдүү жол-жоболорду колдонуу мүмкүн болбогон учурда, бул элементти четтөө катары кароого.

*Четтөөлөрдүн мүнөзү жана себеби*

28. Тейлөөчү уюмдун аудитору ар бир аныкталган четтөөнүн мүнөзүн жана себебин изилдейт жана:

(a) белгиленген четтөөлөрдүн күтүлгөн чоңдугунун чегинде табылган четтөөлөр барбы жана алар алгылыктуу болуп саналабы, башкача айтканда, аткарылган тестирлөө контролдоо каражатынын көрсөтүлгөн мезгилдин ичинде натыйжалуу иштеши жөнүндө тыянак үчүн тийиштүү негизди камсыз кылабы;

(b) көрсөтүлгөн мезгил ичинде ички контролдун белгилүү бир максаттарына тиешелүү контролдоо каражаттарынын натыйжалуу иштеши жөнүндө тыянак чыгаруу үчүн ушул контролдоо каражаты же башка контролдоо каражаттары менен кошумча тестирлөө жүргүзүүнүн зарылдыгы барбы (А25-пунктун караңыз); же

(c) жүргүзүлгөн тестирлөө контролдоо каражатынын көрсөтүлгөн мезгилдин ичинде натыйжалуу иштебей калгандыгы жөнүндө тыянак чыгаруу үчүн тийиштүү негизди камсыз кылабы.

29. Өтө сейрек учурларда, тейлөөчү уюмдун аудитору ылгоодо табылган четтөөнү аномалия деп эсептесе жана муну менен бирге ички контролдун тийиштүү максатына көрсөтүлгөн мезгилдин ичинде натыйжалуу жетишилгендиги жөнүндө тыянак чыгарууга мүмкүндүк берүүчү башка контролдоо каражаттары табылбаса, тейлөөчү уюмдун аудитору мындай четтөө текшериле турган жалпы жыйынды  үчүн репрезентативдүү болуп саналбастыгына ишенимдин жогорку деңгээлин алууга тийиш деп эсептейт. Тейлөөчү уюмдун аудитору четтөө текшериле турган жалпы жыйындынын  калган элементтерине таасир этпейт деген жетиштүү далилдерди алуу үчүн кошумча жол-жоболорду аткаруу менен мындай ишенимдин даражасын алат.

**Ички аудит кызматынын иши**[8]

*Ички аудит кызматы жагынан түшүнүк алуу*

30. Эгерде тейлөөчү уюмда ички аудит кызматы бар болсо, тейлөөчү уюмдун аудитору ички аудит кызматы тапшырманы аткаруу үчүн пайдаланылышы мүмкүн экендигинин ыктымалдыгын аныктоо үчүн ички аудит кызматынын жана анын ишинин милдеттеринин мүнөзү тууралуу түшүнүк алууга тийиш (А37-пунктун караңыз).

*Ички аудиторлордун ишин пайдалануу мүмкүнчүлүгүн жана көлөмүн аныктоо*

31. Тейлөөчү уюмдун аудитору төмөндөгүлөрдү аныктайт:

(a) ички аудиторлордун иши тапшырманын максаттарына жооп берет деген ыктымалдык барбы; жана

(b) эгерде ошондой болсо, анда ички аудиторлордун ишинин тейлөөчү уюмдун аудитору тарабынан аткарылуучу жол-жоболордун мүнөзүнө, мөөнөтүнө же көлөмүнө күтүлүүчү таасири.

32. Ички аудиторлордун ишин тапшырманын максаттары үчүн пайдалануу мүмкүнчүлүгүн аныктоодо тейлөөчү уюмдун аудитору төмөнкүлөрдү баалайт:

(a) ички аудит кызматынын объективдүүлүгүн;

(b) ички аудиторлордун техникалык компетенттүүлүгүн;

(c) ички аудиторлордун иши талаптагыдай кесиптик кылдаттык менен ишке ашырыла тургандыгынын ыктымалдыгынын болушун;

(d) ички аудиторлор менен тейлөөчү уюмдун аудиторунун ортосундагы натыйжалуу маалыматтык өз ара аракеттенүү ыктымалдуулугунун болушун.

33. Ички аудиторлордун ишинин тейлөөчү уюмдун аудитору тарабынан аткарылуучу жол-жоболордун мүнөзүнө, мөөнөттөрүнө жана көлөмүнө күтүлүүчү таасирин аныктоодо, ал төмөндөгүлөрдү эске алат (А38-пунктту караңыз):

---

[8] Бул стандарт айрым ички аудиторлор тейлөөчү уюмдун аудиторуна аудитордук жол-жоболорду жүргүзүүгө түздөн-түз көмөк көрсөткөн учурларды регламенттебейт.

(a) ички аудиторлор тарабынан аткарылган же аткарылууга тийиш болгон белгилүү иштердин мүнөзүн жана көлөмүн;

(b) тейлөөчү уюмдун аудиторунун тыянактары үчүн бул иштин маанилүүлүгүн;

(c) бул тыянактарды ырастоо үчүн чогултулган далилдерди баалоодо субъективдүүлүктүн деңгээлин.

*Ички аудит кызматынын ишин пайдалануу*

34. Ички аудиторлор тарабынан аткарылган белгилүү бир ишти тейлөөчү уюмдун аудитору пайдаланган күнү ал тейлөөчү уюмдун аудиторунун максаттарына канчалык ылайык келерин аныктоо үчүн бул ишке карата жол-жоболорду баалайт жана аткарат (А39-пунктту караңыз).

35. Ички аудиторлор тарабынан аткарылган белгилүү бир иштин тейлөөчү уюмдун аудиторунун максаттарына ылайык келишин аныктоо үчүн, ал төмөнкүлөрдү баалайт:

(a) иш тийиштүү техникалык даярдыгы жана билими бар ички аудиторлор тарабынан аткарылганбы;

(b) аткарылган ишти тийиштүү контролдоо, текшерүү жана документтештирүү ишке ашырылганбы;

(c) ички аудиторлор негиздүү тыянактарды чыгара алышы үчүн жетиштүү далилдер алынганбы;

(d) жагдайларды эске алуу менен жасалган тыянактар талаптагыдай болуп саналабы, ошондой эле ички аудиторлор тарабынан даярдалган корутундулар аткарылган иштин натыйжаларына шайкеш келеби;

(e) тапшырма үчүн маанилүү тийиштүү айырмачылыктар тийиштүү түрдө жөнгө салынганбы жана ички аудиторлор тарабынан аныкталган адаттан тыш жагдайлар четтетилгенби.

*Тейлөөчү уюмдун аудиторунун ишенимди камсыз кылуучу тапшырма боюнча корутундуга таасири*

36. Эгерде ички аудит кызматы тарабынан аткарылган иш пайдаланылса, тейлөөчү уюмдун аудитору анда анын пикири көрсөтүлгөн бул ишке тейлөөчү уюмдун аудиторунун ишенимди камсыз кылуучу тапшырма боюнча корутундусунун ошол бөлүгүндө шилтеме жасоого тийиш эмес (А40-пунктун караңыз).

37. Экиничи типтеги корутундуда, эгерде ички аудит кызматынын иши контролдоо каражаттарынын тесттерин жүргүзүүдө колдонулса, тейлөөчү уюмдун аудитору жүргүзгөн контролдоо каражаттарынын тесттеринин жана алардын натыйжаларынын сыпаттамасын камтыган тейлөөчү уюмдун аудиторунун ишенимди камсыз кылуучу тапшырма боюнча корутундусунун ошол бөлүгү ички аудитор аткарган иштин жана ушул ишке карата тейлөөчү уюмдун аудитору жүргүзгөн жол-жоболордун сыпаттамасын камтууга тийиш (А41-пунктун караңыз).

**Жазуу жүзүндөгү билдирүүлөр**

38. Тейлөөчү уюмдун аудитору тейлөөчү уюмга жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрдү берүүгө суроо-талап жиберет, аларда (А42-пунктун караңыз):

(a) системанын сыпаттамасы менен бирге берилген ырастоо камтылат;

(b) тейлөөчү уюмдун аудиторуна бардык тийиштүү маалыматты берүү жана ага макулдашуу боюнча жеткиликтүүлүк ырасталат; [9] жана

(c) тейлөөчү уюмдун аудиторуна тейлөөчү уюм жөнүндө бардык белгилүү болгон маалыматты ачып көрсөтүү ырасталат:

(i) бир же бир нече пайдалануучу ишканаларга таасир этиши мүмкүн болгон тейлөөчү уюмга тийиштүү мыйзамды же ченемдик актыны сактабагандык, ак ниетсиз иш-аракеттер же оңдолбогон четтөөлөр болгон учурлар;

(ii) контролдоо каражаттарынын түзүмүндөгү кемчиликтер;

---

[9] Ушул стандарттын 13(b)(v)-пункту

(iii) сыпаттамага ылайык келбеген контролдоо каражаттарынын иштешинин учурлары; жана

(iv) эгерде тейлөөчү уюмдун өзүнүн системасынын сыпаттамасын берген мезгил аяктагандан кийин жана тейлөөчү уюмдун аудиторунун ишенимин камсыз кылуучу тапшырма боюнча корутундусунун күнүнө чейин орун алган окуялар бул корутундуга кыйла таасир этиши мүмкүн болсо, ушул окуялар.

39. Жазуу жүзүндөгү билдирүүлөр тейлөөчү уюмдун аудиторуна даректелген билдирүү-катынын формасында болууга тийиш. Жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрдүн күнү тейлөөчү уюмдун аудиторунун ишенимди камсыз кылуучу корутундусунун күнүнө мүмкүн болушунча жакын, бирок андан кеч эмес болууга тийиш.

40. Эгерде аудитор менен маселени талкуулагандан кийин тейлөөчү уюм ушул стандарттын 38(а) жана (b) пункттарына ылайык талап кылынган бир же андан көп жазуу жүзүндөгү билдирүү бербесе, тейлөөчү уюмдун аудитору пикир билдирүүдөн баш тартат (А43-пунктун караңыз).

**Башка маалыматтар**

41. Тейлөөчү уюмдун аудитору анда бул сыпаттамага салыштырмалуу олуттуу шайкеш эместиктерди (эгерде бар болсо) аныктоо максатында тейлөөчү уюмдун өзүнүн системасынын сыпаттамасы жана тейлөөчү уюмдун аудиторунун корутундусу камтылган документке киргизилген башка маалымат (эгерде бар болсо) менен таанышып чыгууга тийиш. Олуттуу шайкеш эместиктерди аныктоо максатында башка маалымат менен таанышууда тейлөөчү уюмдун аудитору бул маалыматта фактылардын ачыктан-ачык бурмаланышын аныкташы мүмкүн.

42. Эгерде тейлөөчү уюмдун аудитору башка маалыматтарда олуттуу шайкеш эместиктерди же ачыктан-ачык бурмалоону аныктаса, тейлөөчү уюмдун аудитору бул маселени тейлөөчү уюм менен талкуулайт. Тейлөөчү уюмдун аудитору тейлөөчү уюм четтетүүдөн баш тарткан башка маалымат олуттуу шайкеш эместикти же бурмалоону камтыйт деген тыянакка келсе, анда тейлөөчү уюмдун аудитору келечекте тиешелүү чараларды көрүүгө тийиш (А44-А45-пункттарын караңыз).

**Отчеттук күндөн кийинки окуялар**

43. Тейлөөчү уюмдун аудитору тейлөөчү уюмдун өзүнүн системасынын сыпаттамасында көрсөтүлгөн мезгил аяктагандан кийин, тейлөөчү уюмдун аудитору тарабынан даярдалган ишенимди камсыз кылуучу корутундунун күнүнө чейин орун алган, ушул корутундуга өзгөртүүлөр киргизилгендигине таасирин тийгизиши мүмкүн болгон окуялар жөнүндө тейлөөчү уюмга белгилүү болгондугу/болбогондугу тууралуу суроо-талап жиберет. Эгерде тейлөөчү уюмдун аудиторуна ушул окуя жөнүндө белгилүү болсо, ал эми ал жөнүндө маалымат тейлөөчү уюм тарабынан ачып көрсөтүлбөсө, анда ал аны өзүнүн ишенимди камсыз кылуучу корутундусунда ачып көрсөтүүгө милдеттүү.

44. Тейлөөчү уюмдун аудиторунун ишенимди камсыз кылуучу корутундусунун күнүнөн кийин ал тейлөөчү уюмдун системасынын сыпаттамасына же болбосо анын контролдоо каражаттарынын түзүмүнүн же операциялык натыйжалуулугунун тиешелүү мүнөзүнө карата кандайдыр бир жол-жоболорду аткарууга милдеттүү эмес.

**Документация**

45. Тейлөөчү уюмдун аудитору тейлөөчү уюмдун мурда тапшырма менен байланышы болбогон тажрыйбалуу аудитору төмөнкүлөрдү түшүнүшү үчүн жетиштүү жана талаптагыдай болгон корутундунун негизинде жаткан маалыматтарды камтыган документтерди белгиленген мөөнөттө даярдоого тийиш:

(a) ушул стандартты жана колдонуудагы мыйзамдык жана ченемдик талаптарды сактоо максатында аткарылган жол-жоболордун мүнөзүн, мөөнөттөрүн жана көлөмүн;

(b) аткарылган жол-жоболордун натыйжаларын жана алынган далилдерди;

(c) тапшырманы аткаруунун жүрүшүндө келип чыккан маанилүү маселелерди ушул маселелерге карата чыгарылган тыянактарды, ошондой эле бул тыянактарды түзүүдө колдонулган маанилүү кесипкөй ой жүгүртүүлөрдү.

46. Аткарылган жол-жоболордун мүнөзү, мөөнөтү жана көлөмү документ түрүндө таризделгенде тейлөөчү уюмдун аудитору төмөнкүлөрдү көрсөтөт:

(a) аларга карата тестирлөө өткөрүлгөн айрым элементтердин же маселелердин айырмалоочу мүнөздөмөлөрүн;

(b) жумушту аткарган адамды, ошондой эле анын аяктаган күнүн;

(c) аткарылган ишти текшерүүчү адамды, ошондой эле мындай текшерүүнүн күнүн жана көлөмүн.

47. Эгер тейлөөчү уюмдун аудитору ички аудиторлордун конкреттүү ишин пайдаланса, ал ички аудиторлордун ишинин талаптагыдай мүнөзүн баалоо боюнча жасалган тыянактарды жана тейлөөчү уюмдун аудитору тарабынан мындай иштерге карата аткарылган жол-жоболорду документ менен тариздөөгө тийиш.

48. Тейлөөчү уюмдун аудитору тейлөөчү уюм жана башка тараптар менен маанилүү маселелерди, анын ичинде маанилүү маселелердин мүнөзүн, ошондой эле ким менен жана качан талкуулангандыгын документ жүзүндө тариздөөгө тийиш.

49. Эгерде тейлөөчү уюмдун аудитору маанилүү маселелерге карата тейлөөчү уюмдун аудиторунун биротоло тыянактарына шайкеш келбеген маалыматты аныктаса, ал бул шайкеш эместикке карата көрүлгөн иш-аракеттерди документ менен тариздөөгө тийиш.

50. Тейлөөчү уюмдун аудитору тапшырма боюнча файлга документтерди топтойт жана тейлөөчү уюмдун аудитору ишенимди камсыз кылуучу корутундуну чыгаргандан кийин белгиленген мөөнөттө тапшырма боюнча биротоло файлды түзүү процессин аяктайт. [10]

51. Тапшырма боюнча биротоло файлды түзүү аяктагандан кийин тейлөөчү уюмдун аудитору аны сактоо мөөнөтү аяктаганга чейин документтерди алып салууга же жок кылууга тийиш эмес (А46-пунктун караңыз).

52. Эгер тейлөөчү уюмдун аудитору тапшырма боюнча биротоло файлды түзүү аяктагандан кийин тапшырма боюнча документтерге өзгөртүүлөрдү киргизүү же жаңы документтерди кошуу керек деп эсептесе жана ошол эле учурда мындай документтер тейлөөчү уюмдун аудиторунун корутундусуна таасирин тийгизбесе, тейлөөчү уюмдун аудитору өзгөртүүлөрдүн же толуктоолордун мүнөзүнө карабастан төмөнкүлөрдү документ менен тариздөөгө тийиш:

(a) мындай өзгөртүүлөрдүн жана толуктоолордун конкреттүү себептерин; ошондой эле

(b) алар ким тарабынан жана качан жасалганын жана текшерилгенин.

**Тейлөөчү уюмдун аудитору ишенимди камсыз кылуучу корутундуну даярдашы**

*Тейлөөчү уюмдун аудиторунун ишенимди камсыз кылуучу корутундусунун мазмуну*

53. Тейлөөчү уюмдун аудиторунун ишенимди камсыз кылуучу корутундусунда эң аз дегенде төмөнкүдөй негизги элементтер камтылууга тийиш (А47-пунктун караңыз):

(a) бул корутунду тейлөөчү уюмдун көз карандысыз аудиторунун ишенимди камсыз кылуучу тапшырма боюнча корутундусу болуп санала тургандыгын так көрсөтүүчү аталышы;

(b) даректелүүчү;

(c) төмөнкү маселелерге көрсөтмө:

(i) экинчи типтеги корутунду берүү үчүн 9(k)(ii)-пунктунда же биринчи типтеги корутунду үчүн 9(j)(ii)-пунктунда көрсөтүлгөн маселелерди кошкондо, анын системасындагы тейлөөчү уюмдун сыпаттамасын жана тейлөөчү уюмдун ырастоосун;

---

[10] СКЭС 1дин А54-А55-пункттары кошумча көрсөтмөлөрдү камтыйт.

(ii) тейлөөчү уюмдун өзүнүн системасынын сыпаттамасынын тейлөөчү уюмдун аудиторунун пикири жайылтылбаган бөлүктөрү (эгерде мындай бар болсо);

(iii) эгерде сыпаттамада пайдалануучу ишканадагы кошумча контролдоо каражаттарынын зарылдыгы жөнүндө маалымат камтылса, тейлөөчү уюмдун аудитору пайдалануучу ишканадагы кошумча контролдоо каражаттарынын түзүмүнүн же операциялык натыйжалуулугунун тиешелүү мүнөзүн баалоону жүргүзбөгөндүгү жана тейлөөчү уюмдун даярдалган өзүнүн системасынын сыпаттамасында көрсөтүлгөн ички контролдун максаттарына жетишилгендиги, эгерде пайдалануучу ишканада контролдоонун кошумча каражаттары талаптагыдай уюштурулса же тейлөөчү уюмдун контролдоо каражаттары менен катар натыйжалуу иштесе, көрсөтүлөт;

(iv) эгерде кызмат көрсөтүүлөр тейлөөчү уюмдун субподрядчысы тарабынан берилсе, тейлөөчү уюмдун өзүнүн системасынын сыпаттамасына ылайык тейлөөчү уюмдун субподрядчысы аткарган иштердин мүнөзү кандай жана мындай иштер жагынан кандай методдор колдонулду: кошуу методубу же алып салуу методубу. Эгерде алып салуу методу колдонулса, тейлөөчү уюмдун өзүнүн системасынын сыпаттамасы ички контролдун максаттарын жана тейлөөчү уюмдун тийиштүү субподрядчыларында аларга тиешелүү контролдоо каражаттарын камтыбагандыгы жана тейлөөчү уюмдун аудиторунун жол-жоболору тейлөөчү уюмдун субподрядчысынын контролдоо каражаттарына жайылтылбагандыгы көрсөтүлөт. Эгерде кошуу ыкмасы колдонулса, тейлөөчү уюмдун системасындагы анын сыпаттамасы ички контролдун максаттарын жана тейлөөчү уюмдун субподрядчысындагы тийиштүү контролдоо каражаттарын камтыгандыгы жана тейлөөчү уюмдун аудиторунун жол-жоболору тейлөөчү уюмдун субподрядчысынын контролдоо каражаттарына жайылтылбастыгы көрсөтүлөт;

(d) колдонулуучу критерийлерди аныктоо жана контролдоо максаттарын белгилөөчү тараптардын көрсөтмөсү;

(e) корутунду жана (экинчи типтеги корутундуларга карата) контролдоо каражаттарынын тесттеринин сыпаттамасы пайдалануучу ишканалардын финансылык отчеттуулугун олуттуу бурмалоо тобокелдиктерин баалоодо пайдалануучу ишканалар өзү колдонгон контролдоо каражаттары жөнүндө маалыматтарды камтыган башка маалыматтар менен бирге аларды эске алуу үчүн пайдалануучу ишканаларга жана алардын жетиштүү билими бар аудиторлоруна гана арналганын көрсөтүү (A48-пунктун караңыз);

(f) тейлөөчү уюм төмөнкүлөр үчүн жоопкерчилик тарта тургандыгын көрсөтүү:

(i) анын системасынын сыпаттамасын жана тиешелүү билдирүүсүн даярдоо үчүн, анын ичинде мындай сыпаттаманын жана билдирүүнүн толуктугу, тактыгы жана берүү методу;

(ii) тейлөөчү уюмдун өзүнүн системасынын сыпаттамасына киргизилген кызматтарды көрсөтүү;

(iii) ички контролдун максаттарын аныктоо (эгерде алар мыйзам, ченемдик актылар же башка тарап, мисалы, пайдалануучулардын тобу же кесиптик уюм тарабынан белгиленбесе);

(iv) тейлөөчү уюмдун өзүнүн системасынын сыпаттамасында көрсөтүлгөн ички контролдун максаттарына жетүү үчүн контролдоо каражаттарын иштеп чыгуу жана киргизүү;

(g) тейлөөчү уюмдун аудиторунун жоопкерчилиги тейлөөчү уюмдун бул сыпаттамада көрсөтүлгөн ички контролдун максаттары менен байланышкан контролдоо каражаттарынын түзүмүнө жана (экинчи типтеги корутундуларга карата) ал тарабынан

аткарылган жол-жоболордун негизинде ушундай контролдоо каражаттарынын операциялык натыйжалуулугуна карата пикирди билдирүүдө тургандыгын көрсөтүү;

(h) практикалык адистин аудитордук уюму СКЭС 1ди, же башка кесиптик талаптарды же СКЭС 1де белгиленгенден кем эмес катуу болгон, мыйзамда же ченемдик актыларда белгиленген талаптарды колдоно тургандыгы жөнүндө билдирүү. Эгерде практикалык адис кесипкөй бухгалтер болуп саналбаса, кесиптик талап же СКЭС 1де белгиленгенден кем эмес, мыйзамда же ченемдик актыда белгиленген катуу талап көрсөтүлүүгө тийиш;

(i) практикалык адис көз карандысыздык талаптарын жана БЭЭСК Кодексинин башка этикалык талаптарын же башка кесиптик талаптарды же болбосо мыйзамда же ченемдик актыда белгиленген талаптарды, ишенимди камсыз кылуучу тапшырмаларга таандык болгон БЭЭСК Кодексинин А жана Б бөлүктөрүндө белгиленгенден кем эмес катуу талаптарды сактагандыгы жөнүндө билдирүү. Эгерде практикалык адис кесипкөй бухгалтер болуп саналбаса, анда кесиптик талаптар же ишенимди камсыз кылуучу тапшырмаларга таандык болгон БЭЭСК Кодексинин А жана Б бөлүктөрүндө белгиленгенден кем эмес, мыйзамда же ченемдик актыда белгиленген катуу талаптар көрсөтүлүүгө тийиш;

(j) тапшырма "*Тейлөөчү уюмдун аудиторунун тейлөөчү уюмдун контролдоо каражаттары жөнүндө ишенимди камсыз кылуучу корутундусу*" ИКТЭС 3402ге ылайык аткарылганын көрсөтүү, ага ылайык тейлөөчү уюмдун аудитору тейлөөчү уюмдун өзүнүн системасынын сыпаттамасы бардык маанилүү мамилелерде туура көрсөтүгөнүнө, контролдоо каражаттары тиешелүү түрдө уюштурулганына жана (экинчи типтеги корутундуларга карата) натыйжалуу иштеп жатканына акылга сыярлык ишеним алуу максатында жол-жоболорду пландаштырууга жана аткарууга милдеттүү;

(k) акылга сыярлык ишенимди алуу үчүн тейлөөчү уюмдун аудитору тарабынан аткарылган жол-жоболордун кыскача сыпаттамасы жана тейлөөчү уюмдун аудитору анын алган далилдери аудитордун пикирин билдирүү үчүн талаптагыдай жана жетиштүү болуп саналат деп эсептээрин көрсөтүү, ошондой эле (биринчи типтеги корутундуларга карата) тейлөөчү уюмдун аудитору контролдоо каражаттарынын операциялык натыйжалуулугу жагынан кандайдыр бир жол-жоболорду аткарбагандыгын, демек, бул маселе боюнча пикирди билдирбегенин көрсөтүү;

(l) контролдоо каражаттарын чектөөнү жана (экинчи типтеги корутундуларга карата) келечектеги мезгилдерге алардын операциялык натыйжалуулугун баалоону болжолдоо тобокелдигин көрсөтүү;

(m) тейлөөчү уюмдун аудиторунун позитивдүү формада айтылган пикири, тийиштүү критерийлердин негизинде жана бардык олуттуу мамилелерде төмөнкүлөр жөнүндө:

(i) экинчи типтеги корутундуларга карата:

a. сыпаттама көрсөтүлгөн мезгилдин ичинде иштелип чыккан жана ишке киргизилген тейлөөчү уюмдун системасы жөнүндө ишенимдүү көрсөтүүнү камсыздайт;

b. тейлөөчү уюмдун өзүнүн системасынын сыпаттамасында билдирилген ички контролдун максаттарына таандык контролдоо каражаттары тийиштүү түрдө көрсөтүлгөн мезгилдин ичинде уюштурулган; жана

c. сыпаттамада белгиленген ички контролдоо максаттарына жетүү үчүн акылга сыярлык ишенимге жетүү үчүн зарыл болгон, сыналган контролдоо каражаттары белгиленген бъткъл мезгилдин ичинде натыйжалуу иштеген;

(ii) биринчи типтеги корутундуларга карата:

a. сыпаттама көрсөтүлгөн күнгө карата иштелип чыккан жана киргизилген тейлөөчү уюмдун системасы жөнүндө ишенимдүү көрсөтүүнү камсыздайт; жана

b. тейлөөчү уюмдун өзүнүн системасынын сыпаттамасында билдирилген ички контролдун максаттарына кирген контролдоо каражаттары көрсөтүлгөн күнгө карата тиешелүү түрдө уюштурулган;

(n) тейлөөчү уюмдун аудиторунун пикири негизделген далилди ал алган күндөн мурда болбой турган, тейлөөчү уюмдун аудиторунун ишенимди камсыз кылуучу корутундусунун күнү;

(o) тейлөөчү уюмдун аудиторунун аталышы жана ал өз ишин жүргүзүп жаткан юрисдикциядагы жайгашкан жери.

54. Экинчи типтеги корутундуларга тейлөөчү уюмдун аудиторунун ишенимди камсыз кылуучу корутундусунда контролдоо каражаттарынын аткарылган тесттери жана алардын натыйжалары жазылган бөлүм (аудитордун пикиринен кийин) же тиркеме камтылууга тийиш. Тейлөөчү уюмдун аудитору контролдоо каражаттарынын тесттеринин сыпаттамасында кайсы контролдоо каражаттары тестирленгендигин так көрсөтүүгө, тесттен өткөн контролдоо каражаттары бардык башкы жыйындыны же анын элементтерин билдире тургандыгын же жоктугун белгилөөгө жана пайдалануучу ишкананын аудиторлору ушул тесттердин тобокелдерди баалоого таасирин белгилй алышы үчүн тесттердин мүнөзүн жетиштүү кең-кесири сүрөттөөгө тийиш. Четтөөлөрдү тапкан учурда тейлөөчү уюмдун аудитору алардын натыйжасында четтөөлөр аныкталган, аткарылган тесттердин көлөмүнүн (анын ичинде ылгоонун көлөмүн, эгерде ушундай пайдаланылса) сыпаттамасына табылган четтөөлөрдүн санын жана мүнөзүн киргизүүгө тийиш. Тейлөөчү уюмдун аудитору аткарылган тесттердин негизинде ички контролдун тийиштүү максатына жетишилгендиги тууралуу тыянакка келсе да (А18 жана А49-пункттарын караңыз), четтөөлөр жөнүндө билдирүүгө тийиш.

*Модификацияланган пикир*

55. Эгерде тейлөөчү уюмдун аудитору (А50-А52-пункттарын караңыз):

(a) тейлөөчү уюмдун сыпаттамасы система иштелип чыккандыгы жана киргизилгени жөнүндө ишенимдүү түшүнүктү бардык олуттуу мамилелерде камсыз кыла албайт;

(b) сыпаттамада билдирилген ички контролдун максаттарына кирген контролдоо каражаттары бардык олуттуу мамилелерде тиешелүү түрдө уюштурулган эмес;

(c) экинчи типтеги корутундуларга карата колдонууга: тейлөөчү уюмдун өзүнүн системасынын сыпаттамасында билдирилген ички контролдун максаттарына жетүүдө акылга сыярлык ишенимди алуу үчүн зарыл болгон, тесттен өткөн контролдоо каражаттары бардык олуттуу мамилелерде натыйжалуу иштеген эмес; же

(d) тейлөөчү уюмдун аудитору талаптагыдай жетиштүү далилдерди ала албайт,

деген тыянакка келсе, тейлөөчү уюмдун аудиторунун пикири модификацияланууга тийиш, ал эми ишенимди камсыз кылуучу корутунду пикирди модификациялоонун бардык себептеринин так сыпатталышы кирген бөлүмдү камтууга тийиш.

**Маалыматтык өз ара аракеттенүү боюнча башка милдеттер**

56. Эгерде тейлөөчү уюмдун аудиторуна мыйзам же ченемдик актылар сакталбаган, тейлөөчү уюмдун ачыктан-ачык болор-болбос болуп саналбаган жана бир же бир нече пайдалануучу ишканага таасир этиши мүмкүн болгон ак ниетсиз иш аракеттери же оңдолбогон каталары жөнүндө белгилүү болсо, тейлөөчү уюмдун аудитору бул жагдай тиешелүү пайдалануучу ишканаларга тийиштүү түрдө жеткирилгендигин аныктоого тийиш. Эгере мындай жагдай жөнүндө маалымат тийиштүү түрдө билдирилбесе жана тейлөөчү уюм аны тийиштүү түрдө билдирүүдөн баш тартса, тейлөөчү уюмдун аудитору тиешелүү чараларды көрүүгө тийиш (А53-пунктун караңыз.).

***

## Пайдалануу боюнча колдонмо жана башка түшүндүрмө материалдар

**Бул стандартты колдонуу чөйрөсү** (1, 3-пункттарды караңыз)

A1. Ички контролдук – бул финансылык отчеттуулуктун ишенимдүүлүгүнө, ишинин натыйжалуулугуна жана майнаптуулугуна жана колдонулуучу мыйзамды же ченемдик актыны сактоого тийиштүү максаттарга жетүүдөгү акылга сыярлык ишенимди камсыз кылууга арналган процесс. Тейлөөчү уюмдун ишине жана ченемдик талаптарды сактоого тийиштүү максаттарга байланышкан контролдоо каражаттары финансылык отчеттуулукту түзүү жагынан пайдалануучу ишкананын ички контролдоо системасына кириши мүмкүн. Контролдоонун мындай каражаттары эсептер боюнча калдыктар, операциялардын түрлөрү же маалыматтарды ачып көрсөтүү жөнүндө маалыматтарды берүү жана ачып көрсөтүү өбөлгөлөрүнө тиешелүү болушу мүмкүн, же болбосо пайдалануучу ишкананын аудитору аудитордук жол-жоболорду аткарууда баалаган же колдонгон далилдерге тиешеси болушу мүмкүн. Мисалы, мамлекеттик органдарга эмгек акысынан кармоолорду өз убагында которууга тиешелүү эмгек акыны эсептөө жаатында тейлөөчү уюмдун контролдоо каражаттары пайдалануучу ишкана үчүн маанилүү болушу мүмкүн, анткени өз учурунда которбоо туумдарды жана айыптарды өндүрүүгө алып келиши мүмкүн, ал пайдалануучу ишканада милдеттенме пайда болушуна алып келет. Демек, ченемдик талаптарды сактоо көз карашынан алып караганда, инвестициялык операциялардын алгылыктуулугуна карата тейлөөчү уюмдун контролдоо каражаттары пайдалануучу ишкананын финансылык отчеттуулугундагы эсептер боюнча калдыктар жана операциялар жөнүндө маалыматты берүү жана аларды ачып көрсөтүү үчүн маанилүү болушу мүмкүн. Тейлөөчү уюмдун финансылык отчеттуулукту түзүүгө карата пайдалануучу ишкананын контролдоо каражаттары үчүн колдонулуучу мыйзамдарды жана ченемдик актыларды сактоого жана ишти жүзөгө ашырууга байланышкан контролдоо каражаттары болуп саналаарын же жоктугун аныктоо кесиптик ой жүгүртүүнүн предмети болуп саналат, аны түзүүдө тейлөөчү уюмда коюлган ички контролдун максаттарын жана тийиштүү киртерийлердин жарактуулугун эске алуу зарыл.

A2. Эгерде, мисалы, тейлөөчү уюм пайдалануучу ишкана тарабынан иштелип чыккан же пайдалануучу ишкана менен тейлөөчү уюмдун ортосундагы келишимде каралган системаны колдонсо, тейлөөчү уюм система талаптагыдай уюштурулгандеп ырастай албаган абалда калышы мүмкүн. Контролдоо каражаттарынын тиешелүү түзүмүнүн жана алардын операциялык натыйжалуулугунун ортосунда ажырагыс байланыш бар болгондуктан, алардын тийиштүү түзүмүнө карата ырастоонун жоктугу тейлөөчү уюмдун аудиторуна контролдоо каражаттары ички контролдун максаттары жетишилгендигине карата акылга сыярлык ишенимди камсыз кыла тургандыгы жөнүндө тыянак чыгарууга жана тийиштүү түрдө контролдоо каражаттарынын операциялык натыйжалуулугу жөнүндө пикир билдирүүгө мүмкүндүк бербейт. Альтернатива катарында практикалык адис контролдоо каражаттарын тестирлөө боюнча макулдашылган жол-жоболорду аткаруу боюнча тапшырманы же контролдоо каражаттарын тестирлөөнүн натыйжаларынын негизинде алар сыпаттамага ылайык иштеп жаткандыгы же жоктугу жөнүндө тыянак чыгаруу үчүн ИКТЭС 3000ге ылайык ишенимди камсыз кылуучу тапшырманы кабыл алышы мүмкүн.

**Аныктамалар** (9(d), 9(g)-пункттарын караңыз)

A3. "Тейлөөчү уюмдун контролдоо каражаттары" деген түшүнүк тейлөөчү уюм колдонгон пайдалануучу ишканалардын маалымат системаларынын мүнөздөмөсүн камтыйт, ошондой эле тейлөөчү уюмдун контролдоо каражаттарынын бир же бир нече башка компоненттеринин аспекттерин камтышы мүмкүн. Мисалы, ал, эгерде тейлөөчү уюмдун контролдук чөйрөсүнүн, анын мониторинг жүргүзүү жана контролдук иш-аракеттер системасынын аспекттери көрсөтүлүүчү кызматтарга тиешелүү болсо, аларды камтышы мүмкүн. Бирок, ал ички контролдун максаттарына жетүү менен байланышпаган тейлөөчү уюмдун контролдоо каражаттарын камтыбайт, алар тейлөөчү уюмдун өзүнүн системасынын сыпаттамасында билдирилген, мисалы, тейлөөчү уюмдун өзүнүн финансылык отчеттуулугун түзүүгө тиешелүү контролдоо каражаттары.

A4. Ушул стандарттын талаптарын кошуу методун пайдаланууда тейлөөчү уюмдун өзүнө эмес, тейлөөчү уюмдун субподрядчысына карата колдонулган, 13(b)(i)-(v)-пункттарында көрсөтүлгөн маселелерге карата макулдук алууну кошкондо, тейлөөчү уюмдун субподрядчысынын кызмат көрсөтүүлөрүнө колдонулат. Тейлөөчү уюмдун субподрядчысына карата жол-жоболорду аткаруу тейлөөчү уюмдун, анын субподрядчысынын жана тейлөөчү уюмдун аудиторунун ортосундагы иш-аракеттерди координациялоону жана маалыматтык өз ара аракеттенүүнү карайт. Кошуу методуна, эгерде тейлөөчү уюм жана анын субподрядчысы байланыштуу тараптар болуп саналса же эгерде тейлөөчү уюмдун жана анын субподрядчысынын ортосундагы келишим тарабынан ушул методду колдонуу каралса гана жол берилет.

**Этикалык талаптар** (11-пунктту караңыз)

A5. Тейлөөчү уюмдун аудитору көз карандысыздыктын тиешелүү талаптарын аткарууга тийиш, алар адатта БЭЭСК Кодексинин А жана Б бөлүктөрүнүн жоболорун, ошондой эле катуу улуттук талаптарын камтыйт. БЭЭСК Кодекси тейлөөчү уюмдун аудитору ар бир пайдалануучу ишканага карата ушул стандартка ылайык тапшырмаларды аткарууда көз карандысыз болушун талап кылбайт.

**Жетекчилик жана корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактар** (12-пунктту караңыз)

A6. Жетекчиликтин жана корпоративдик башкаруунун түзүмдөрү юрисдикцияга жана ишканага жараша айырмаланат, алар маданий жана укуктук чөйрөдөгү, ошондой эле менчиктин өлчөмүндөгү жана түзүмүндөгү айырмачылыктарынын таасирин чагылдырат. Мындай көп түрдүүлүк ушул стандарттын алкагында бардык тапшырмалар үчүн тейлөөчү уюмдун аудитору менен конкреттүү маселелер боюнча өз ара аракеттенүүгө тийиш болгон адамды же адамдарды аныктоонун мүмкүн эместигине алып келет. Мисалы, тейлөөчү уюм өзүнчө юридикалык жак эмес, башка ишкананын сегменти болушу мүмкүн. Мындай учурларда жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрдү берүү жөнүндө суроо-талап жиберилчү тиешелүү жетектөөчү персоналды же корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактарды аныктоо үчүн кесиптик ой жүгүртүүнү колдонуу талап кылынышы мүмкүн.

**Кардар менен мамилелерди кабыл алуу жана (же) улантуу**

*Тапшырманы аткаруу үчүн зарыл жөндөмдөр жана компетенция,* (13(a)(i)-пунктун караңыз)

A7. Тапшырманы аткаруу үчүн зарыл болгон мүмкүнчүлүктөр жана компетенция төмөнкүлөрдү камтышы мүмкүн:

- тиешелүү тармактагы билимди;
- маалыматтык технологияларды жана системаларды түшүнүүнү;
- контролдоо каражаттарынын талаптагыдай түзүмүнө байланышкан тобокелдиктерди баалоо тажрыйбасын;
- контролдоо каражаттарынын тесттерин иштеп чыгуу жана аткаруу, ошондой эле натыйжаларын баалоо тажрыйбасын.

**Тейлөөчү уюмдун ырастоосу** (13(b)(i)-пунктун караңыз)

A8. Тейлөөчү уюмдун аудитору тапшырманы кабыл алууга же улантууга макул болгондон кийин тейлөөчү уюмдун жазуу жүзүндөгү ырастоону берүүдөн баш тартуусу иштин көлөмүн чектөөнү билдирет, ал тейлөөчү уюмдун аудитору тапшырманы аткаруудан баш тартуусуна алып келет. Эгерде тейлөөчү уюмдун аудитору мыйзамдарга же ченемдик актыларга ылайык тапшырмадан баш тарта албаса, ал пикирин билдирүүдөн баш тартат.

*Тейлөөчү уюмдун ырастоолору үчүн акылга сыярлык негиз* (13(b)(ii)-пунктун караңыз)).

A9. Экинчи типтеги корутундуларга карата тейлөөчү уюмдун ырастоосу өзүнө ички контролдун максаттарына тиешеси бар, тейлөөчү уюмдун өзүнүн системасынын сыпаттамасында көрсөтүлгөн контролдоо каражаттары көрсөтүлгөн бүткүл мезгилдин ичинде натыйжалуу

иштеди деген ырастоону камтыйт. Бул ырастоо тейлөөчү уюмдун мониторингинин маалыматтарына негизделиши мүмкүн. Контролдоо каражаттарынын мониторинги – бул убакыт аралыгында контролдоо каражаттарынын натыйжалуулугун баалоо процесси. Ал контролдоо каражаттарынын натыйжалуулугуна туруктуу баа берүүнү, кемчиликтерди аныктоону жана тейлөөчү уюмдун тиешелүү адамдарына алар тууралуу маалыматтарды берүүнү, ошондой эле зарыл болгон оңдоп-түзөөчү аракеттерди көрүүнү камтыйт. Тейлөөчү уюм туруктуу жол-жоболорду жүргүзүү, айрым баалоолорду аткаруу же бул эки ыкманы айкалыштыруу жолу менен контролдоо каражаттарына мониторинг жүргүзөт. Туруктуу мониторинг жүргүзүүнүн деңгээли жана натыйжалуулугу канчалык жогору болсо, айрым баалоолорду жүргүзүү зарылдыгы ошончолук аз. Көпчүлүк учурларда, туруктуу мониторинг тейлөөчү уюмдун демейки күнүмдүк ишинин бир бөлүгү болуп саналат жана үзгүлтүксүз башкаруу жана көзөмөлдөө аракеттерин камтыйт. Ички аудиторлор же ушундай функцияларды аткарган кызматкерлер тейлөөчү уюмдун мониторингин жүргүзүүгө катыша алат. Мониторингди жүзөгө ашырууда тышкы тараптар берген маалыматтар, мисалы, кардарлардын даттануулары же жөнгө салуучу органдардын сын-пикирлери да пайдаланылышы мүмкүн. Мындай маалымат көйгөйлөрдүн бар экендигин же жакшыртууну талап кылган чөйрөнү көрсөтүшү мүмкүн. Тейлөөчү уюмдун аудитору контролдоо каражаттарынын операциялык натыйжалуулугу жөнүндө корутундуну даярдоосу аны ырастоо үчүн акылга сыярлык негизди камсыз кылуучу тейлөөчү уюмдун жеке процесстерин алмаштырбайт.

*Тобокелдиктерди аныктоо* (13(b)(iv)-пунктун караңыз)

A10. 9(c)-пунктта көрсөтүлгөндөй, контролдоо каражаттарынын максаттары контролдоо каражаттары тарабынан азайтылууга тийиш болгон тобокелдиктер менен байланыштуу. Мисалы, операция туура эмес суммада же ылайык келбеген мезгилде чагылдырылышы мүмкүн болгон тобокелдик операцияларды туура суммаларда жана тиешелүү мезгилдерде чагылдыруу боюнча ички контролдоонун максаты катары көрсөтүлүшү мүмкүн. Тейлөөчү уюм өзүнүн сыпаттамасында көрсөтүлгөн ички контролдоо системасынын максаттарына жетишүүгө коркунуч туудурган тобокелдиктерди айкындоо үчүн жоопкерчилик тартат. Тейлөөчү уюм тиешелүү тобокелдиктерди аныктоо үчүн формалдуу же формалдуу эмес процесстерди колдоно алат. Формалдуу процесс аныкталган тобокелдиктердин, алардын пайда болуу ыктымалдуулугуна баа берүүнү жана тобокелдиктерге жооп кайтаруу чаралары жөнүндө чечимдерди кабыл алууну камтышы мүмкүн. Ошону менен бирге, ички контролдун максаттары контролдоо каражаттарынын жардамы менен азайтуу зарыл болгон тобокелдиктер менен байланыштуу болгондуктан, тейлөөчү уюм өзүнүн системасын иштеп чыгууда жана киргизүүдө ички контролдун максаттарын коюшу өзүнөн-өзү тиешелүү тобокелдиктерди аныктоонун формалдуу эмес процессин камтышы мүмкүн.

*Тапшырманын шарттарында өзгөрүүлөрдү кабыл алуу* (14-пунктту караңыз)

A11. Тапшырма боюнча иштердин көлөмүн өзгөртүүгө суроо-талап, мисалы, тейлөөчү уюмдун аудиторунун пикирин модификациялоонун жогорку ыктымалдуулугуна байланыштуу тапшырма боюнча иштин көлөмүнөн ички контролдун белгилүү бир максаттарын алып салуу үчүн суроо-талап жасалган же тейлөөчү уюм аудиторго жазуу жүзүндө ырастоону берүүнү белгилебеген жана ИКТЭС 3000ге (кайра каралган) ылайык тапшырманы аткарууга карата суроо-талап жасалбаган учурда акылга сыярлык негиздемеге ээ болбошу мүмкүн.

A12. Тапшырма боюнча иштердин көлөмүн өзгөртүүгө суроо-талап, мисалы, тейлөөчү уюмдун субподрядчысын тапшырмадан чыгарууга суроо-талап жасалган учурда акылга сыярлык негиздемеге ээ болушу мүмкүн, анткени тейлөөчү уюм аудиторго жеткиликтүүлүктү уюштура албайт жана тейлөөчү уюмдун субподрядчысы тарабынан көрсөтүлүүчү кызматтарга карата колдонулган кошуу методу алып салуу методу менен алмаштырылат.

**Киртерийлердин жарактуулугун баалоо** (15-18-пункттарды караңыз)

A13. Критерийлер болжолдонгон пайдалануучулар тейлөөчү уюмдун системасынын сыпаттамасын ишенимдүү көрсөтүү, ички контролдун максаттарына тиешелүү болгон контролдоо каражаттарынын операциялык натыйжалуулугу жана контролдоо каражаттарынын түзүмүнүн тиешелүү мүнөзү (экинчи типтеги корутундуларга карата) жөнүндөгү анын ырастоосу эмнеге негизделгенин түшүнүүсү үчүн аларга жеткиликтүү болууга тийиш.

A14. ИКТЭС 3000 (кайра каралган) тейлөөчү уюмдун аудитору анын ичинде тапшырманын баалануучу предметинин мүнөзүн таануу үчүн критерийлер талаптагыдай ылайыктуу болуп саналарын же жоктугун чечишин талап кылат[11]. Тапшырманын предмети болжолдолгон пайдалануучулардын ишенимди камсыз кылуучу корутундуга кызыгуусунун негизги себеби болуп эсептелет. Төмөндө таблицада биринчи жана экинчи типтеги корутундуларда камтылган пикирлердин ар бири үчүн тапшырманын предмети жана критерийлердин минималдуу топтому келтирилет.

| | **Тапшырманын предмети** | **Критерийлер** | **Комментарийлер** |
|---|---|---|---|
| ***Тейлөөчү уюмдун өзүнүн системасынын сыпаттамасынын ишенимдүү берилиши жөнүндө пикири (биринчи жана экинчи типтеги корутундулар)*** | Тейлөөчү уюмдун системасы, ал финансылык отчеттуулукту даярдоого карата пайдалануучу ишкананын ички контролдоо системасына тиешелүү болушу мүмкүн жана ал тейлөөчү уюмдун аудиторунун ишенимди камсыз кылуучу корутундусунда каралат. | Сыпаттама ишенимдүү берилген, эгерде ал:<br>(a) тейлөөчү уюмдун системасы кантип иштелип чыккандыгы жана ишке киргизилгендиги жөнүндө маалыматты, анын ичинде зарылдыгына жараша 16(A)(i)-(viii)-пункттарында көрсөтүлгөн маселелерди камтыса;<br>(b) экинчи типтеги корутундуларга карата: сыпаттама берилген мезгилдин ичинде тейлөөчү уюмдун системасындагы өзгөртүүлөр жөнүндө тиешелүү маалыматты камтыса; жана<br>(c) сыпаттама тейлөөчү уюм тарабынан сыпатталган анын системасынын колдонуу чөйрөсүнө тиешелүү болгон маалыматты таштап кетүүлөрдү же | Мындай пикирди билдирүү үчүн критерийлердин айкын баяндалышы, мисалы, мыйзамдарда же ченемдик актыларда, пайдалануучулар топтору же кесиптик уюмдар тарабынан белгиленген критерийлерге ылайык келүүнү камсыз кылуу максатында өзгөртүүлөрдү киргизүүнү талап кылышы мүмкүн. Бул пикирди билдирүү үчүн критерийлердин иллюстрациялары 1-тиркемеде тейлөөчү уюмдун ырастоосунун мисалында берилет. A21-A24-пункттары бул критерийлердин сакталышын баалоо боюнча кошумча көрсөтмөлөрдү камтыйт. (ИКТЭС 3000дин (кайра каралган) талаптарына ылайык, мындай пикирди билдирүү үчүн тапшырманын предмети[12] жөнүндө маалымат тейлөөчү уюмдун өзүнүн системасынын сыпаттамасы жана тейлөөчү уюмдун сыпаттама ишенимдүү берилгендиги жөнүндө ырастоосу болуп саналат). |

[11] ИКТЭС 3000 (кайра каралган), 24(b) жана 41-пункттар

[12] Тапшырманын предмети жөнүндө маалымат - тапшырманын предметине карата критерийлерди колдонуунун негизинде тапшырманын баалануучу предметин сандык же сапаттык баалоонун натыйжасы, башкача айтканда тапшырманын баалануучу предметине карата критерийлерди колдонуунун натыйжасы катары алынган маалымат.

| | Тапшырманын предмети | Критерийлер | Комментарийлер | |
|---|---|---|---|---|
| | | бурмалоолорду камтыбаса, мында сыпаттама пайдалануучу ишканалардын кеңири чөйрөсүнүн жалпы максаттары үчүн даярдалган жана ошондуктан өзүнчө пайдалануучу ишкана өзүнүн конкреттүү шарттарында маанилүү деп эсептеген тейлөөчү уюмдун өзүнүн системасынын бардык аспекттерин камтый албайт деп таанылат. | | |
| ***Түзүмүн жана операциялык натыйжалуулугун талаптагыдай уюштуруу жөнүндө пикир (экинчи типтеги корутунду)*** | Тейлөөчү уюмдун өзүнүн системасынын сыпаттамасында билдирилген ички контролдун максаттарына жетүү үчүн зарыл болгон тийиштүү түзүм жана контролдоо каражаттарынын операциялык натыйжалуулугу | Контролдоо каражаттары талаптагыдай уюштурулган, эгерд:<br>(a) тейлөөчү уюм анын системасынын сыпаттамасында берилген контролдун максаттарына жетүүгө коркунуч келтирген тобокелдиктерди тапса;<br>(b) бул сыпаттамада көрсөтүлгөн контролдоо каражаттары бул тобокелдиктер контролдоонун билдирилген максаттарына жетишүүгө тоскоолдук кылбай тургандыгына акылга сыярлык ишенимди камсыз кылса (сыпаттамага ылайык иштеп жатканда); жана<br>(c) контролдоо каражаттары аталган мезгилдин ичинде аларды иштеп чыгууда каралгандай болуп ырааттуу түрдө колдонулса. Бул тийиштүү компетенциясы жана | Бул пикир үчүн белгиленген критерийлер сакталганда контролдоо каражаттары ички контролдун тийиштүү максаттары көрсөтүлгөн мезгилдин ичинде жеткендигине акылга сыярлык ишенимди камсыз кылат. (ИКТЭС 3000дин (кайра каралган) талаптарына ылайык, бул пикирди билдирүү үчүн тапшырманын предмети жөнүндө маалымат болуп контролдоо каражаттары тиешелүү | Тейлөөчү уюм түзгөн өзүнүн системасынын сыпаттамасында көрсөтүлгөн ички контролдун максаттары бул пикирлерди билдирүү үчүн критерийлердин бөлүгү болуп саналат. Ички контролдун көрсөтүлгөн максаттары ар кандай тапшырмалар үчүн ар түрдүү болот. Эгерде сыпаттамага карата пикирди түзүүнүн алкагында тейлөөчү уюмдун аудитору ички контролдун көрсөтүлгөн максаттары ишенимдүү көрсөтүлгөн эмес деген тыянакка келсе, анда ички контролдун бул |

| | **Тапшырманын предмети** | **Критерийлер** | **Комментарийлер** | |
|---|---|---|---|---|
| | | ыйгарым укуктары бар жеке жактардын автоматташтырылбаган контролдоо каражаттарын колдонгонун же колдонбогонун аныктоону камтыйт. | түрдө уюшулгандыгын жана натыйжалуу иштегендигин тейлөөчү уюмдун ырастоосу саналат.) | максаттары контролдоо каражаттарынын тиешелүү түзүмүнө же операциялык натыйжалуулугуна карата пикирди түзүү үчүн критерийлердин курамына кирбейт . |
| ***Түзүмдү талаптагыдай уюштуруу тууралуу пикир (биринчи типтеги корутундулар)*** | Тейлөөчү уюмдүн өзүнүн системасынын сыпаттамасында билдирилген ички контролдун максаттарына жетүү үчүн зарыл болгон контролдоо каражаттарынын тийиштүү түзүмү. | Контролдоо каражаттары талаптагыдай уюшулган, эгерде:<br>(a) тейлөөчү уюм анын системасынын сыпаттамасында билдирилген ички контролдун максаттарына жетишүүгө коркунуч келтирген тобокелдиктерди ачып көрсөтсө; жана<br>(b) бул сыпаттамада көрсөтүлгөн контролдоо каражаттары бул тобокелдиктер контролдоонун билдирилген максаттарына жетишүүгө тоскоолдук кылбай тургандыгына акылга сыярлык ишенимди камсыз кылса (сыпаттамага ылайык иштеп жатканда). | Бул критерийлерди сактоо өзүнөн өзү контролдоо каражаттарынын тиешелүү максаттарына жетишилгендиги тууралуу ишенимди камсыз кыла албайт, анткени контролдоо каражаттарынын иштеши жагынан ишеним алынган эмес ( ИКТЭС 3000дин (кайра каралган) талаптарына ылайык, бул пикирди билдирүү үчүн тапшырманын предмети жөнүндө маалымат тейлөөчү уюмдун | |

| | Тапшырманын предмети | Критерийлер | Комментарийлер | |
|---|---|---|---|---|
| | | | контролдоо каражаттары тиешелүү түрдө уюшулгандыгы тууралуу ырастоосу болуп саналат.) | |

A15. 16(а)-пункту зарыл учурда тейлөөчү уюмдун өзүнүн системасынын сыпаттамасына киргизилүүчү бир катар элементтерди аныктайт. Бул элементтер, эгерде сыпатталып жаткан система операцияларды иштетүү боюнча система болбосо, мисалы, система тиркеменин өзүндө камтылган контролдоо каражаттарына эмес, МТ-тиркемелерди жайгаштыруу жаатында контролдуктун жалпы каражаттарына таандык болсо, ылайыктуу эмес болуп калышы мүмкүн.

**Маанилүүлүк** (19, 54-пункттарды караңыз)

A16. Тейлөөчү уюмдун контролдоо каражаттары жөнүндө корутунду берүү менен тапшырманы аткарууда олуттуулук принциби пайдалануучу ишканалардын финансылык отчеттуулугуна эмес, ага карата корутунду бериле турган системага кирет. Тейлөөчү уюмдун аудитору тейлөөчү уюмдун өзүнүн системасынын сыпаттамасы бардык олуттуу мамилелерде туура берилишин, тейлөөчү уюмдун контролдоо каражаттары бардык маанилүү мамилелерде тийиштүү түрдө уюштурулбастыгын жана (экинчи типтеги корутундуларга карата) тейлөөчү уюмдун контролдоо каражатынын бардык маанилүү мамилелерде натыйжалуу иштээрин аныктоонун жол-жоболорун пландаштырат жана аткарат. Маанилүүлүк принциби тейлөөчү уюмдун аудиторунун ишенимди камсыз кылуучу тапшырма боюнча корутундусу тейлөөчү уюмдун системасы жөнүндө маалымат бере тургандыгынын фактысын эске алат, ал система кандайча пайдаланылганы тууралуу түшүнүгү бар пайдалануучу ишканалардын жана алардын аудиторлорунун кеңири чөйрөсүнүн жалпы талаптарын канааттандырат.

A17. A17. Тейлөөчү уюмдун өзүнүн системасынынын сыпаттамасынын ишенимдүү берилишине жана контролдоо каражаттарынын түзүмүнө карата маанилүүлүгү баарынан мурда сапаттык факторлорду талдоону болжолдойт, мисалы: сыпаттама маанилүү операцияларды иштеп чыгуу жөнүндө жөндүү маалыматты камтыйбы, сыпаттама тиешелүү маалыматтын камтылбай калууларын же бурмалоолорун камтыбайбы жана контролдоо каражаттары (алардын учурдагы түзүмүндө) контролдоо каражаттарынын максаттарына жетишиле тургандыгына акылга сыярлык ишенимди камсыз кылабы. Тейлөөчү уюмдун аудиторунун контролдоо каражаттарынын операциялык натыйжалуулугу жөнүндө пикирине карата маанилүүлүк - четтөөнүн жол берилген чемеми жана байкалган четтөө (сандык көрсөткүч) жана байкалган четтөөнүн мүнөзү жана себептери (сапаттык көрсөткүч) сыяктуу сапаттык жана сандык факторлорду да кароону болжолдойт.

A18. Эгерде контролдоо каражаттарынын тесттеринин сыпаттамасында четтөөлөр табылган тесттердин жыйынтыктары ачып көрсөтүлсө, олуттуулук принциби колдонулбайт. Бул конкреттүү пайдалануучу ишкана же анын аудитору болуп турган белгилүү бир жагдайларда четтөө контролдоо каражатынын натыйжалуу иштешине тоскоол болуп же тейлөөчү уюмдун аудиторунун пикири боюнча, тоскоолдук болбогонуна карабастан, маанилүү болушу мүмкүн экендигинен келип чыккан. Мисалы, четтөө таандык болгон контролдоо каражаты

пайдалануучу ишкананын финансылык отчеттуулугунун конкреттүү жагдайларында олуттуу болушу мүмкүн болгон кандайдыр бир түрдөгү каталарды болтурбоо үчүн өзгөчө мааниге ээ болушу мүмкүн.

**Тейлөөчү уюмдун системасы жагынан түшүнүк алуу** (20-пунктту караңыз)

A19. Тапшырма боюнча иштин көлөмүнө кирген тийиштүү контролдоо каражаттарын кошкондо, тейлөөчү уюмдун системасы жагынан түшүнүк алуу тейлөөчү уюмдун аудиторуна төмөнкү учурларда жардам берет:

- бул системанын чектерин жана анын башка системалар менен өз ара аракеттенүүсүн аныктоодо;
- тейлөөчү уюмдун сыпаттамасы иштелип чыккан жана киргизилген системаны ишенимдүү чагылдыраарын же жоктугун баалоодо;
- тейлөөчү уюмдун билдирүүсүн даярдоо үчүн ички контроль жагынан түшүнүк алууда;
- кандай контролдоо каражаттары тейлөөчү уюмдун системасынын сыпаттамасында билдирилген ички контролдун максаттарына жетүү үчүн зарыл экенин аныктоодо;
- контролдоо каражаттарын тийиштүү уюштурууну баалоодо;
- контролдоо каражаттарынын операциялык натыйжалуулугун баалоодо (экинчи типтеги корутундуларга карата).

A20. Мындай изилдөө үчүн тейлөөчү уюмдун аудитору колдонгон жол-жоболор өзүнө төмөнкүлөрдү камтышы мүмкүн:

- тейлөөчү уюмдун аудиторунун ой жүгүртүүсү боюнча, тийиштүү маалыматка ээ болушу мүмкүн болгон тейлөөчү уюмдун ошол адамдарына карата суроо-талаптарды жиберүүнү;
- операцияларга байкоо жүргүзүүнү жана документтерди, отчетторду, операцияларды иштеп чыгуу боюнча принтерден чыккан жана электрондук жазууларды инспекциялоону;
- жалпы шарттарды аныктоо максатында тейлөөчү уюмдардын жана пайдалануучу ишканалардын ортосундагы тандалган келишимдерди инспекциялоону;
- контролдоо жол-жоболорун кайталап аткарууну.

**Сыпаттамага карата далилдерди алуу** (21-22-пункттарды караглыа)

A21. Төмөнкү маселелерди карап чыгуу тейлөөчү уюмдун аудиторуна тапшырма боюнча иштин көлөмүнө киргизилген сыпаттаманын аспекттери бардык маанилүү мамилелерде туура көрсөтүлгөндүгүн аныктоого жардам берет:

- сыпаттама көрсөтүлүүчү кызматтардын негизги аспекттерин камтыйбы же жокпу (тапшырма боюнча иштин көлөмүнүн алкагында), алар негиздүү түрдө болжолдоого мүмкүн болгон, пайдалануучу ишканалардын финансылык отчеттуулугунун аудитин пландаштырууда пайдалануучу ишканалардын аудиторлорунун кеңири чөйрөсүнүн жалпы керектөөлөрүнө ылайык келиши мүмкүнбү?
- сыпаттама АЭС 315ке (кайра каралган) ылайык контролдоо каражаттарын түшүнүү үчүн жетишээрлик болгон маалыматты пайдалануучу ишканалардын аудиторлорунун кеңири чөйрөсүнө бергендей кылып тактоонун ушундай деңгээлинде даярдалдыбы?[13] Сыпаттама тейлөөчү уюмда иштеп чыгуу процессинин бардык аспекттерин же пайдалануучу ишканаларга көрсөтүлүүчү кызматтарды камтууга тийиш эмес жана сыпаттама менен таанышып чыккан пайдалануучу коопсуздук системасына же тейлөөчү уюмдун контролунун башка каражаттарына коркунуч келтиргидей такталган болбоого тийиш.
- сыпаттама чечимдерди кабыл алуу максатында пайдалануучу ишканалардын кеңири чөйрөсүнүн жалпы керектөөлөрүнө таасир этүүчү маалыматтар камтылбай калбагандай жана бурмаланбагыдай түрдө даярдалганбы, мисалы, сыпаттама иштетүүдө тейлөөчү уюмдун аудиторуна алар жөнүндө белгилүү болгон маанилүү камтылбай калууларды же так эместиктерди камтыйбы же жокпу?

---

[13] АЭС 315 (кайра каралган) *«Ишкананы жана анын чөйрөсүн изилдөө аркылуу олуттуу бурмалоо тобокелдиктерин табуу жана баалоо"*

- тейлөөчү уюмдун системасынын сыпаттамасында билдирилген ички контролдун айрым максаттары тапшырма боюнча иштин көлөмүнөн чыгарылган учурда алып салынган максаттар сыпаттамада так аныкталганбы?
- сыпаттамада көрсөтүлгөн контролдоо каражаттары киргизилгенби?
- эгерде пайдаланучу ишканада кошумча контролдоо каражаттары бар болсо, алар тиешелүү түрдө сыпатталганбы? Көпчүлүк учурларда, ички контролдоо максаттарынын сыпаттамасы, ички контролдун максаттарына киргизилген контролдоо каражаттарын натыйжалуу пайдалануу жолу менен бир пайдалануучу ишкана тарабынан гана жетишүүгө боло тургандай түрдө баяндалат. Ошондой болсо да, айрым учурларда тейлөөчү уюмдун өзүнүн системасынын сыпаттамасында көрсөтүлгөн ички контролдун максаттарына тейлөөчү уюм тарабынан гана жетишүүгө мүмкүн эмес, анткени аларга жетүү пайдалануучу ишканалар тарабынан белгилүү бир контролдоо каражаттарын киргизүүнү талап кылат. Мисалы, бул ички контролдун максаттары жөнгө салуучу орган тарабынан белгиленген учурлар болуп саналат. Эгерде сыпаттама пайдалануучу ишканада контролдоонун кошумча каражаттарын камтыбаса, анда сыпаттамада тейлөөчү уюм тарабынан өз алдынча жетүүгө мүмкүн болбогон ички контролдун конкреттүү максаттары менен бирге контролдун каражаттары өзүнчө бөлүп көрсөтүлөт;
- кошуу методун колдонууда: сыпаттамада тейлөөчү уюмдун контролдоо каражаттары жана тейлөөчү уюмдун субподрядчысынын контролдоо каражаттары өзүнчө көрсөтүлөбү? Алып салуу методун колдонууда: сыпаттамада тейлөөчү уюмдун субподрядчысынын аткарган функциялары көрсөтүлөбү? Эгерде алып салуу методу колдонулса, анда сыпаттама иштеп чыгуу процесси же тейлөөчү уюмдун субподрядчысынын контролдоо каражаттары жөнүндө кең-кесири маалыматты камтууга тийиш эмес.

A22. Сыпаттаманын ишенимдүү берилишин баалоо үчүн тейлөөчү уюмдун аудитору аткарган жол-жоболор төмөнкүлөрдү камтышы мүмкүн:

- пайдалануучу ишканалардын мүнөзүн, ошондой эле тейлөөчү уюмдар көрсөтүүчү кызматтардын ага мүмкүн болгон таасирин карап чыгууну, мисалы, пайдалануучу ишканалар белгилүү бир тармакка тиешелүү экендигин жана алардын ишмердүүлүгү мамлекеттик органдар тарабынан жөнгө салынарын же жоктугун;
- эгерде тейлөөчү уюмдун келишимдик милдеттенмелерин түшүнүү үчүн колдонула турган болсо, пайдалануучу ишканалар менен болгон стандарттуу келишимдер же келишимдердин стандарттуу шарттары менен таанышууну;
- тейлөөчү уюмдун персоналдары тарабынан аткарылган жол-жоболорго байкоо жүргүзүүнү;
- тейлөөчү уюмдун ички регламенттерин жана колдонмолорун жана башка системалык документтерин, мисалы, блок-схемаларды жана сыпаттамаларды талдоону.

A23. 21(а)-пунктуна ылайык тейлөөчү уюмдун аудитору тейлөөчү уюмдун системасынын сыпаттамасында билдирилген ички контролдун максаттары конкреттүү жагдайларга негизделген болуп саналаарын баалоого тийиш. Төмөнкү маселелерди карап чыгуу тейлөөчү уюмдун аудиторуна мындай баалоону жүргүзүүгө жардам берет:

- контролдоо каражаттарынын билдирилген максаттары белгиленген ачык-айкын жол-жоболордун алкагында тейлөөчү уюм же тышкы тараптар, мисалы, жөнгө салуучу органдар, пайдалануучулардын тобу же кесиптик уюмдар тарабынан белгиленгенби?
- ички контролдун билдирилген максаттары тейлөөчү уюм тарабынан белгиленген учурларда, алар демейде пайдалануучу ишканалардын кеңири чөйрөсүнүн финансылык отчеттуулугунда пайдаланылган жана негиздүү түрдө болжолдоого боло тургандай тейлөөчү уюмдун контролдоо каражаттары кириши мүмкүн болгон өбөлгөлөрдүн типтерине киреби? Тейлөөчү уюмдун аудитору адатта тейлөөчү уюмдун контролдоо каражаттары айрым пайдалануучу ишканалардын финансылык отчеттуулугунда пайдаланылган өбөлгөлөр менен кандай байланышта экендигин аныктай албагандыгына карбастан, тейлөөчү уюмдун аудитору контролдоо каражаттарын кошуп алганда,

тейлөөчү уюмдун системасынын мүнөзүн, ошондой эле өбөлгөлөрдүн типтерин аныктоо үчүн колдонулган, контролдун аталган каражаттары кириши мүмкүн көрсөтүлүүчү кызматтарды түшүнүүсү;

- ички контролдун билдирилген максаттары тейлөөчү уюм тарабынан белгиленген учурларда, ал толук болуп саналабы? Контролдоо каражаттарынын максаттарынын толук тизмеги пайдалануучу ишканалардын кеңири чөйрөсүнө тейлөөчү уюмдун контролдоо каражаттарынын пайдалануучу ишканалардын финансылык отчеттуулугунун ажырагыс бөлүгү болуп саналган өбөлгөлөргө болгон таасирин баалоо үчүн негизди бере алат.

A24. Тейлөөчү уюмдун аудитору тейлөөчү уюмдун системасы ишке киргизилгендигин же жоктугун аныктоо үчүн колдонгон жол-жоболор бул системаны түшүнүү боюнча жол-жоболорго окшош болушу мүмкүн жана алар менен бирге аткарылат. Алар ошондой эле тейлөөчү уюмдун системасында ылгоо элементтерин байкоого алууну карашы мүмкүн, ал эми экинчи типтеги корутундуларга карата колдонууда мезгил ичинде киргизилген контролдоо каражаттарына өзгөртүүлөр тууралуу атайын суроо-талаптарды камтыйт. Пайдалануучу ишканалар же алардын аудиторлору үчүн олуттуу болуп эсептелген өзгөртүүлөр тейлөөчү уюмдун системасынын сыпаттамасында камтылат.

**Контролдоо каражаттарынын түзүмүнө карата далилдерди алуу (**23, 28(b)-пункттарын караңыз)

A25. *Пайдалануучу ишкананын* же *пайдалануучу ишкананын аудиторунун* көз карашынан алганда, контролдоо каражаты, эгерде ал өзүнчө же жыйындысында контролдун башка каражаттары менен бирдикте талаптарды шайкеш аткарууда маанилүү бурмалоого жол берилбеген же айкындалган жана четтетиле турган акылга сыярлык ишенимди камсыз кылса, ойдогудай түрдө уюштуруган. Бирок, *тейлөөчү уюмга* же *тейлөөчү уюмдун аудиторуна* айрым пайдалануучу ишканалардын жагдайлары тууралуу белгисиз, алар ошол пайдалануучу ишканалар үчүн контролдоо каражаттарынын иштеп турушунда четтөөлөрдүн натыйжасында келип чыккан бурмалоо олуттуу болуп саналаарын аныкташат. Тиешелүү түрдө, тейлөөчү уюмдун аудиторунун көз карашынан алганда, контролдоо каражаты, эгерде ал талаптарды шайкеш аткарууда өзүнчө же контролдун башка каражаттары менен чогуу алганда ал тейлөөчү уюмдун системасынын сыпаттамасында көрсөтүлгөн ички контролдун максаттарына жетишилгендигине акылга сыярлык ишенимди камсыз кылса, талаптагыдай түрдө уюштурулган.

A26. Тейлөөчү уюмдун аудитору контролдоо каражаттарынын түзүмүн изилдөө максатында блок-схемаларды, пикир сурамжылоолорун же чечимдердин таблицаларын колдонуу мүмкүндүгүн карап чыга алат.

A27. Контролдоо каражаттары өзүнө ички контролдун максаттарына жетишүүгө багытталган бир нече иш-аракеттерди камтышы мүмкүн. Тиешелүү түрдө, эгерде тейлөөчү уюмдун аудитору ички контролдун белгилүү бир максатына жетүү үчүн айрым аракеттерди натыйжасыз катары бааласа, башка иш-аракеттердин болушу ага ички контролдун ушул максатына тиешелүү контролдоо каражаттары талаптагыдай уюштурулгандыгы жөнүндө тыянак чыгарууга мүмкүндүк берет.

**Контролдоо каражаттарынын операциялык натыйжалуулугуна карата далилдерди алуу**

*Операциялык натыйжалуулукту баалоо* (24-пунктту караңыз)

A28. Пайдалануучу ишкананын же пайдалануучу ишкананын аудиторунун көз карашынан алганда, контролдоо каражаты, эгерде ал өзүнчө же контролдун башка каражаттары менен чогуу алганда ак ниетсиз аракеттерден же ката кетирүүдөн улам келип чыккан олуттуу бурмалоолорго жол берилбеген же табылууга жана жоюлууга тийиш экендигине акылга сыярлык ишенимди камсыз кылса, натыйжалуу иштейт. Бирок, тейлөөчү уюмга же тейлөөчү уюмдун аудиторуна контролдоо каражаттарынын иштеп турушунда четтөөлөрдүн натыйжасында бурмалоо келип чыкканын, эгер бул болуп өтсө, ал олуттуу болуп саналаарын аныкташаган айрым пайдалануучу ишканалардын жагдайлары тууралуу белгисиз. Тиешелүү түрдө, тейлөөчү уюмдун аудиторунун көз карашынан алганда, эгерде өзүнчө же контролдун башка каражаттары менен чогуу алганда

контролдоо каражаты ички контролдун тейлөөчү уюмдун системасынын сыпаттамасында билдирилген максаттарына жетишилгендигине акылга сыярлык ишенимди камсыз кылса, ал натыйжалуу иштейт. Ошентип, тейлөөчү уюм же тейлөөчү уюмдун аудитору контролдоо каражатынын ишинде байкалган кандайдыр бир четтөө айрым пайдалануучу ишкананын көз карашынан алганда олуттуу бурмалоого алып келе тургандыгын же жоктугун аныктай албайт.

A29. Иштеп чыгуу жана киргизүү учурунда болжолдонгон түрдө контролдоо каражаттарынын ырааттуу иштешин камсыз кылган автоматташтырылган системаны колдонуу учурларын кошпогондо, контролдоо каражаттарынын түзүмүнүн талаптагыдай мүнөзү жөнүндө пикирин билдирүү үчүн жетиштүү көлөмдө карата түшүнүк алуу алардын операциялык натыйжалуулугунун жетиштүү далили болуп саналбайт. Мисалы, белгилүү бир учурда кол менен контролдоо каражатын киргизүү жөнүндө маалымат алуу башка мезгилдерде анын иштешинин далили болуп саналбайт. Бирок, маалыматтык технологиялар системасынын жардамы менен иштеп чыгууга тиешелүү ырааттуулуктун негизинде контролдоонун автоматташтырылган каражаттарынын түзүмүн жана аларды киргизүү фактысын аныктоо үчүн жол-жоболордун аткарылышы тейлөөчү уюмдун аудиторунун башка контролдоо каражаттарынын, мисалы, программага өзгөртүүлөрдү киргизүү үчүн контролдоо каражаттарынын баалоосуна жана тестирлөөсүнө жараша мындай контролдоо каражаттарынын операциялык натыйжалуулугунун далили болуп кызмат кылышы мүмкүн.

A30. Пайдалануучу ишкананын аудитору үчүн алгылыктуу болгон экинчи типтеги корутунду адатта алты айдан кем эмес мезгилди камтыйт. Эгерде мезгил алты айдан аз болсо, тейлөөчү уюмдун аудитору тейлөөчү уюмдун аудиторунун ишенимди камсыз кылуучу корутундусунда бир кыйла кыска мезгилди пайдалануунун себептерин көрсөтүү максатка ылайыктуу болушу мүмкүн. Алты айдан аз мезгилди камтыган корутундуну берүүгө алып келиши мүмкүн болгон жагдайлар төмөнкүлөрдү камтыйт: (a) тейлөөчү уюмдун аудитору ички контролдоо системасы жөнүндө корутунду берилүүгө тийиш болгон күндөн бар аз мурда дайындалган, (b) тейлөөчү уюмдун (же белгилүү бир системанын же тиркеменин) иштөө мөөнөтү алты айдан аз мезгилди түзөт же; c) ички контролдоо системасында олуттуу өзгөрүүлөр жүргүзүлүп, ал эми корутундуну чыгаруу, же өзгөрүүлөргө чейинки жана андан кийинки системаны мүнөздөгөн корутундуну чыгаруу үчүн алты ай күтүү максатка ылайык.

A31. Алда канча кийинки күнгө карата тестирлениши мүмкүн болгон айрым контролдоо жол-жоболору өздөрүнүн иштешинин далилдерин калтырбай коюшу мүмкүн жана, тиешелүү түрдө, тейлөөчү уюмдун аудитору отчеттук мезгил ичинде ар кандай учурларда ушундай контролдоо жол-жоболорунун операциялык натыйжалуулугуна тестирлөө жүргүзүүнү зарыл деп эсептеши мүмкүн.

A32. Тейлөөчү уюмдун аудитору ар бир мезгил ичинде контролдоо каражаттарынын операциялык натыйжалуулугуна карата пикирин билдирет. Тиешелүү түрдө, тейлөөчү уюмдун аудитору өзүнүн пикирин билдириши үчүн учурдагы мезгил ичинде контролдоо каражаттарынын иштешине карата талаптагыдай жетиштүү далилдер керек. Мурдагы тапшырмаларды аткарууда байкалган четтөөлөр жөнүндө маалымат тейлөөчү уюмдун аудитору тарабынан учурдагы мезгилде тестирлөөнүн көлөмүн кеңейтүүгө алып келиши мүмкүн.

***Кыйыр контролдоо каражаттарын тестирлөө*** **(25(b)-пунктун караңыз)**

A33. Кээ бир учурларда кыйыр контролдоо каражаттарынын натыйжалуу иштешине карата далилдерди алуу зарылдыгы келип чыгышы мүмкүн. Мисалы, тейлөөчү уюмдун аудитору белгиленген кредиттик лимиттерден ашкан сатуу боюнча айырмачылыктар жөнүндө отчетторду текшерүүнүн натыйжалуулугуна тестирлөө өткөрүү чечимин кабыл алганда мындай текшерүү жана андан кийинки чаралар тейлөөчү уюмдун аудитору үчүн түздөн-түз мааниге ээ болгон контролдоо каражатын билдирет. Отчеттордо камтылган маалыматтын тактыгын контролдоо каражаттары (мисалы, маалыматтык технологиялардын жалпы контролдоо каражаттары) кыйыр контролдоо каражаттары катары квалификацияланат.

A34. МТ-системалардын жардамы менен иштеп чыгууга мүнөздүү ырааттуулуктан улам, контролдоонун автоматташтырылган колдонмо каражаттарын киргизүүгө карата далилдер

тейлөөчү уюмдун жалпы контролдоо каражаттарынын операциялык натыйжалуулугуна карата далилдер менен чогуу каралса (атап айтканда, өзгөртүүлөрдүн киргизилишин контролдоо), ошондой эле алардын операциялык натыйжалуулугунун маанилүү далилдерин билдириши мүмкүн.

*Тестирлөө үчүн элементтерди тандоонун каражаттары* (25(c), 27-пункттарды караңыз)

A35. Тейлөөчү уюмдун аудитору тестирлөө үчүн элементтерди тандоонун төмөнкү каражаттарын колдоно алат:

(a) бардык элементтерди тандоо (туташ текшерүү). Бул ыкма сейрек колдонулуучу контролдоо каражаттарын тестирлөө үчүн, мисалы, квартал сайын же контролдоо каражаттарынын колдонулушуна карата далилдер текшерүүнү 100%га натыйжалуу кылган учурларда максатка ылайыктуу болушу мүмкүн;

(b) конкреттүү элементтерди тандоо. Бул ыкма туташ текшерүү жана тандоо натыйжалуу болбогон учурларда, мисалы, тандоо үчүн ири башкы жыйындыны түзүү үчүн көпчүлүк учурда жетиштүү колдонулбаган контролдоо каражаттарын (мисалы, ай сайын же жума сайын колдонулуучу контролдоо каражаттары) тестирлөө учурунда максатка ылайыктуу болушу мүмкүн; жана

(c) тандоо. Бул ыкма көп учурда колдонулган жана бир түрдүү колдонулуучу жана аларды колдонуунун документтүү далилдери болгон контролдоо каражаттарын тестирлөө үчүн максатка ылайыктуу болушу мүмкүн.

A36. Конкреттүү элементтерди тандап текшерүү көбүнчө далилдерди алуу үчүн натыйжалуу каражат болуп эсептелгени менен, ал тандоонун өзүн билдирбейт. Ушундай ыкма менен тандап алынган объекттерге карата колдонулган аудитордук жол-жоболордун натыйжалары бардык текшериле турган жалпы жыйындыга жайылтылышы мүмкүн эмес; тиешелүү түрдө, конкреттүү объекттерди тандап текшерүү жыйындынын калган бөлүгүнө карата аудитордук далилдерди камсыз кылбайт. Ылгоо болсо, тескерисинче, бардык текшериле турган жалпы жыйындыга карата, андан алынган тандап алуунун жыйындысынын негизинде тыянак чыгарууга арналган.

**Ички аудит кызматынын иши**

*Ички аудит кызматы жагынан түшүнүк алуу* (30-пунктту караңыз)

A37. Ички аудит кызматы жетекчиликке жана корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактарга талдоону, баалоону жүргүзүү, ишенимди камсыздоо, сунуштамаларды жана башка маалыматтарды берүү үчүн жоопкерчиликтүү болушу мүмкүн. Тейлөөчү уюмдун ички аудит кызматы тейлөөчү уюмдун өзүнүн ички контролдоо системасы же тейлөөчү уюм пайдалануучу ишканаларга көрсөткөн кызматтары жана системалары, анын ичинде контролдоо каражаттары менен байланышкан ишти жүргүзө алат.

*Ички аудиторлордун ишинин мүмкүнчүлүктөрүн жана колдонуу көлөмүн аныктоо* (33-пунктту караңыз)

A38. Ички аудиторлордун ишинин тейлөөчү уюмдун аудиторунун жол-жобосунун мүнөзүнө, мөөнөттөрүнө же көлөмдөрүнө күтүлгөн таасирин аныктоодо төмөнкүдөй факторлор башка жагдайларда талап кылынганга караганда башка же азыраак кең-кесири жол-жоболорду жүргүзүүнүн зарылдыгын көрсөтүшү мүмкүн:

- ички аудиторлор тарабынан аткарылган же аткарылууга тийиш болгон белгилүү бир иштин мүнөзү жана көлөмү кыйла чектелген;
- ички аудиторлордун иши тейлөөчү уюмдун аудиторунун тыянактары үчүн азыраак мааниге ээ болгон контролдоо каражаттарына тиешелүү;

- ички аудиторлор тарабынан аткарылган же аткарылууга тийиш болгон иш субъективдүү же татаал ой жүгүртүүлөрдү талап кылбайт.
- Ички аудит кызматынын ишин пайдалануу (34-пунктту караңыз)

A39. Ички аудиторлордун белгилүү бир ишине карата тейлөөчү уюмдун аудиторунун жол-жоболорунун мүнөзү, мөөнөттөрү жана көлөмдөрү тейлөөчү уюмдун аудиторунун анын тыянактары үчүн бул иштин маанилүүлүгүн баалоосуна (мисалы, тестирленүүчү контролдоо каражаттарынын жардамы менен төмөндөтүлүүгө тийиш болгон тобокелдиктин маанилүүлүгү), ички аудит кызматынын баалоосуна жана ички аудиторлордун белгилүү бир ишине жараша болот. Мындай жол-жоболор төмөнкүлөрдү камтышы мүмкүн:

- ички аудиторлор тарабынан текшерилген элементтерди талдоону;
- башка ушундай элементтерди текшерүүнү;
- ички аудиторлор жол-жоболорду аткарышына байкоо жүргүзүүнү.

*Тейлөөчү уюмдун аудиторунун ишенимди камсыз кылуучу корутундусуна таасири* (36-37-пункттарды караңыз)

A40. Ички аудит кызматынын автономдуулугунун жана объективдүүлүгүнүн даражасына карабастан, мындай кызмат, тапшырманы аткаруу учурунда тейлөөчү уюмдун аудиторунан талап кылынгандай, тейлөөчү уюмга көз карандысыз болуп саналбайт. Тейлөөчү уюмдун аудитору тейлөөчү уюмдун аудиторунун ишенимди камсыз кылуучу корутундусунда айтылган пикир үчүн жеке жоопкерчилик тартат жана бул жоопкерчилик тейлөөчү уюмдун аудитору тарабынан ички аудиторлордун ишин колдонууда азайбайт.

A41. Тейлөөчү уюмдун аудиторунун ички аудит кызматы аткарган ишти сыпаттоосу бир нече ыкма менен берилиши мүмкүн, мисалы:

- контролдоо каражаттарынын тесттерин аткарууда ички аудит кызматы тарабынан аткарылган айрым иштер колдонулганын көрсөтүү менен, контролдоо каражаттарынын тесттеринин сыпаттамасына киришүү бөлүгүн кошуу аркылуу;
- айрым тесттер ички аудит кызматы тарабынан аткарылгандыгын көрсөтүү менен.

**Жазуу жүзүндөгү билдирүүлөр** (38, 40-пункттарды караңыз)

A42. 38-пунктка ылайык суралган жазуу жүзүндөгү билдирүүлөр тейлөөчү уюмдун ырастоосунан өзүнчө жана 9(c)-пунктунда аныкталгандай ага кошумча катары берилет.

A43. Эгерде тейлөөчү уюм ушул стандарттын 38(c)-пунктуна ылайык суралган жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрдү бербесе, анда ушул стандарттын 55(d)-пунктуна ылайык тейлөөчү уюмдун аудиторунун пикирин модификациялоо максатка ылайыктуу болушу мүмкүн.

**Башка маалыматтар** (42-пунктту караңыз)

A44. БЭЭСК Кодексинин талаптарына ылайык тейлөөчү уюмдун аудитору маалымат менен ассоциацияланбашы керек, эгерде ал маалыматты төмөнкүдөй деп эсептесе:

(a) жаңылыштыкка алып келүүчү жалган олуттуу ырастоону же ырастоолорду камтыйт;

(b) кайдыгер даярдалган ырастоолорду же маалыматтарды камтыйт; же

(c) эгерде бул таштап кетүүлөр жана так эмес баяндалыштар адаштыра турган болсо, таштап кетүүлөрдү камтыйт же киргизилүүгө тийиш болгон маалыматтарды түшүнүүнү кыйындатат. [14]

---

[14] БЭЭСК Кодекси, 110.2-пункт

Эгерде тейлөөчү уюмдун системасынын сыпаттамасын жана тейлөөчү уюмдун аудиторунун ишенимди камсыз кылуучу корутундусун камтыган документке киргизилген башка маалыматтар келечектеги мезгилге тиешелүү маалыматтарды, мисалы, калыбына келтирүү боюнча иш-чаралардын пландарын же авариялык абал учурундагы иш-аракеттер пландары же тейлөөчү уюмдун аудиторунун ишенимди камсыз кылуучу тапшырма боюнча корутундусунда аныкталган четтөөлөргө тиешелүү системага өзгөртүүлөрдү киргизүү пландарын же жарнамалык мүнөздөгү негиздүү тастыктоого болбой турган билдирүүлөрдү камтыса, тейлөөчү уюмдун аудитору бул маалыматты алып салууну же өзгөртүүнү талап кылышы мүмкүн.

A45. Эгерде тейлөөчү уюм бул башка маалыматтарды алып салуудан же өзгөртүүдөн баш тартса, анда төмөнкү аракеттер орундуу болушу мүмкүн:

- тиешелүү иш-аракеттер планына карата өзүнүн юристтеринен консультация алуу өтүнүчү менен тейлөөчү уюмга кайрылуу;
- ишенимди камсыз кылуучу корутундуда олуттуу шайкеш келбестикти же фактыны олуттуу бурмалоону сыпаттоо;
- маселе чечилген учурга чейин ишенимдүүлүктү кылуучу корутунду берүүнү токтото туруу,;
- тапшырмадан баш тартуу.

**Документация** (51-пунктту караңыз)

A46. СКЭС 1 (же башка кесиптик талаптар, же мыйзамдарга же ченемдик актыларга негизделген, СКЭС 1дегиден кем эмес катуу талаптар) тапшырма боюнча файлды түзүүнү күн мурунтан бүткөрүү үчүн саясатты жана жол-жоболорду белгилөөнү талап кылат.[15] Эреже катары, биротоло аудитордук файлды түзүүнү аяктоо үчүн тийиштүү мөөнөт ишенимди камсыз кылуучу тапшырма боюнча корутунду же отчет берилген күндөн тартып 60 күндөн ашпайт. [16]

**Тейлөөчү уюмдун аудиторунун ишенимди камсыз кылуучу корутундуну даярдашы**

*Тейлөөчү уюмдун аудиторунун ишенимди камсыз кылуучу корутундусунун мазмуну* (53-пунктту караңыз)

A47. 1 жана 2-тиркемелерде тейлөөчү уюмдун аудиторунун ишенимди камсыз кылуучу корутундуларынын жана тейлөөчү уюмдардын тийиштүү ырастоолорунун мисалдары көрсөтүлгөн.

*Тейлөөчү уюмдун аудиторунун ишенимди камсыз кылуучу корутундусунун болжолдуу пайдалануучулары жана максаттары* (53(е)-пунктту караңыз)

A48. Тейлөөчү уюмдун контролдоо каражаттары жөнүндө корутунду берүү үчүн тапшырманы аткарууда колдонулуучу критерийлер тейлөөчү уюмдун системасы жөнүндө маалыматты (анын ичинде контролдоо каражаттарын) система финансылык отчеттуулукту даярдоо үчүн пайдалануучу ишканалар тарабынан кандайча пайдаланылгандыгын түшүнгөн жактарга берүү максаттары үчүн гана колдонулат. Тиешелүү көрсөтмө тейлөөчү уюмдун аудиторунун ишенимди камсыз кылуучу корутундусуна киргизилет. Мындан тышкары, тейлөөчү уюмдун аудитору баяндалышты киргизүү максатка ылайык деп эсептеши мүмкүн, атап айтканда, ал болжолдонгон пайдалануучулардын чөйрөсү менен ишенимди камсыз кылуучу тапшырма боюнча корутундунун жайылтылышын чектейт, ошондой эле аны башка жактар же башка максаттарда пайдаланышын чектейт.

*Контролдоо каражаттарынын тесттеринин сыпаттамасы* (54-пунктту караңыз)

[15] СКЭС 1, 45-пункт

[16] СКЭС 1, A54-пункт

A49. Пайдалануучуларга көмөктөшүү үчүн, контролдоо каражаттарынын тесттеринин мүнөзүн сыпаттоодо тейлөөчү уюмдун аудитору экинчи типтеги корутунду үчүн ишенимди камсыз кылуучу корутундуга төмөнкүлөрдү киргизиши максатка ылайыктуу:

- ички контролдун тийиштүү максатына жетишилди деген тыянакты тейлөөчү уюмдун аудиторуна чыгарууга мүмкүндүк берген контролдун башка каражаттары аныкталган болсо да, же эгерде контролдоонун тестирленген каражаттары кийин тейлөөчү уюмдун системасынын сыпаттамасынан чыгарып салынса, анда четтөө аныкталган бардык тесттердин натыйжаларын;
- тейлөөчү уюмдун аудитору мындай факторлорду аныктаган болсо, аныкталган четтөөлөрдүн себеби болгон факторлор тууралуу маалымат.

*Модификацияланган пикирлер* (55-пунктту караңыз)

A50. 3-тиркемеде тейлөөчү уюмдун аудиторунун ишенимди камсыз кылуучу модификацияланган корутундуларынын элементтеринин мисалдары келтирилген.

A51. Тейлөөчү уюмдун аудитору терс пикирин билдирген же пикирин билдирүүдөн баш тарткан күндө да, пикирин модификациялоону талап кылышы мүмкүн болгон, өзүнө белгилүү болгон башка факторлордун себептерин жана алардын натыйжаларын "Модификацияланган пикирди билдирүү үчүн негиз" бөлүмүндө сыпаттоо максатка ылайык болушу мүмкүн.

A52. Тапшырма боюнча иштердин көлөмүн чектөөнүн негизинде пикирди билдирүүдөн баш тарткан учурда адатта аткарылган жол-жоболорду сыпаттоо же тейлөөчү уюмдун аудитору тарабынан аткарылган тапшырманын мүнөздөмөлөрүн чагылдырган билдирмелерге көрсөтмөнү кошуу максатка ылайыксыз, анткени бул көңүлдү өз пикирин билдирүүдөн баш тартууга алагды кылышы мүмкүн.

**Маалыматтык өз ара аракеттенүү боюнча башка милдеттер** (56-пунктту караңыз)

A53. 56-пунктта айтылган жагдайлар орун алган учурда тийиштүү жооп иретиндеги чаралар төмөнкүлөрдү камтышы мүмкүн:

- тигил же бул чараларды көрүүнүн натыйжалары жөнүндө юридикалык консультацияларды алуу.
- кызмат көрсөтүүчү уюмду корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактарга кайрылуу.
- Үчүнчү тараптар менен баарлашуунун зарылдыгын аныктоо (мисалы, мыйзам, ченемдик актылар же тиешелүү этикалык талаптар тейлөөчү уюмдун аудиторуна, ишканадан тышкары же болбосо тейлөөчү уюмдун тышкы аудиторунун[17] же ыйгарым укуктуу органдын алдында отчет берүүнү буюрушу же мындай отчеттуулук ушул жагдайларда орундуу болушу мүмкүн болгон милдеттерди белгилеши мүмкүн).
- Тейлөөчү уюмдун аудиторунун пикирин модификациялоо же "Башка маалыматтар" бөлүмүн кошуу;
- Тапшырмадан баш тартуу.

[17] Мисалы, БЭЭСК Кодексинин 225.44 - 225.48-бөлүмдөрүн караңыз.

**1-тиркеме**

(47-пунктту караңыз)

## Тейлөөчү уюмдун ырастоолорунун мисалдары

Төмөндө көрсөтүлгөн тейлөөчү уюмдун ырастоолорунун мисалдары жалпы көрсөтмөлөр катары гана келтирилет жана толук же ар кандай жагдайларга карата колдонулуучу болуп саналбайт.

**1-мисал. Экинчи типтеги тейлөөчү уюмдун ырастоосу**

Тейлөөчү уюмдун ырастоосу

Тиркелген сыпаттама кардарлардын финансылык отчеттуулугун олуттуу бурмалоо тобокелдиктерин баалоо учурунда башка маалыматтар, анын ичинде контролдоо каражаттары жөнүндө маалыматтар менен бирге сыпаттамасын эске алуу үчүн системаны [*тиби же аталышы*] пайдаланган кардарлар жана алардын аудиторлору үчүн жетиштүү билимге ээ болгон кардарлар үчүн даярдалган. [*Ишкананын аталышы*] төмөндөгүлөрдү ырастайт:

(a) [*bb-cc*] беттериндеги тиркелген сыпаттаманы [*күндөн*] баштап [*күнду*] кошо алган мезгил ичинде кардарлардын операцияларды иштетүү системасын [*тиби же аталышы*] туура чагылдырат. Бул ырастоону түзүүдө колдонулган критерийлер тиркелген сыпаттама төмөнкүлөрдү камсыз кылышында турат:

(i) система кантип иштелип чыккандыгын жана ишке киргизилгендигин чагылдырат, анын ичинде:

- зарыл болгон учурда иштетилген операциялардын түрлөрүн кошо алганда, кызмат көрсөтүүлөрдүн түрлөрүн;
- маалыматтык технологиялар системаларын, ошондой эле алардын жардамы менен операциялар демилгеленүүчү автоматташтырылбаган системаларды колдонуунун алкагындагы жол-жоболор зарылдыгына жараша эсепке алынат, иштелип чыгат, оңдолот жана кардарлар үчүн түзүлгөн корутундуларга көчүрүлөт;
- туура эмес маалыматтарды оңдоо жана маалыматты кардарлар үчүн даярдалган корутундуга которуу процессин кошо алганда, операцияларды демилгелөө, эсепке алуу, иштеп чыгуу жана алар боюнча отчеттор үчүн колдонулган бухгалтердик эсептин тиешелүү маалыматтарын, ырастоочу маалыматты жана белгилүү бир эсептерди;
- система операция болуп саналбаган маанилүү окуяларды жана шарттарды кантип эске алышын;
- кардарлар үчүн корутундуларды даярдоо үчүн колдонулуучу процессти;
- ички контролдоонун тиешелүү максаттары жана бул максаттарга жетүүгө арналган контролдоо каражаттарын;
- системанын түзүмүнө таянып алар пайдалануучу ишканалар тарабынан ишке киргизилет деп биз болжолдогон жана тиркелген сыпаттамада көрсөтүлгөн ички контролдун максаттарына жетүү үчүн зарыл болгон учурда өз алдынча ишке ашыруу мүмкүн болбогон ички контролдун тиешелүү максаттары менен бирге сыпаттамада аныкталган контролдоо каражаттарын;
- кардарлардын операцияларын иштеп чыгууга жана корутундуларда алардын чагылдырылышына тиешеси болгон биздин контролдук чөйрөбүздүн башка аспекттерин, тобокелдиктерди баалоо процессин, маалыматтык системаны (анын ичинде тиешелүү бизнес-процесстерди) жана маалыматтык өз ара аракеттенүүнү, контролдук иш-аракеттерди жана контролдоо каражаттарынын мониторингин;

(ii) [*күндөн*] тартып [*күнду*] кошо алгандагы мезгил ичинде тейлөөчү уюмдун системасындагы өзгөртүүлөр тууралуу тиешелүү маалыматтарды камтыйт.

(iii) сыпаттама кардарлардын жана алардын аудиторлорунун кеңири чөйрөсүнүн жалпы керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн даярдалып жаткандыгын эске алуу менен, сыпатталып жаткан системаны колдонуу жаатына тиешелүү маалыматтын бурмалануусун же таштап кетүүлөрдү камтыбайт, тиешелүү түрдө, ар бир өзүнчө кардар конкреттүү шарттарда маанилүү деп эсептеши мүмкүн болгон системанын бардык аспекттери кирбеши мүмкүн.

(b) тиркелген сыпаттамада билдирилген ички контролдун максаттарына кирген контролдоо каражаттары [*күндөн*] тартып [*күнду*] кошо алгандагы мезгил ичинде тиешелүү түрдө уюштурулган жана натыйжалуу иштеген. Ушул ырастоону түзүүдө пайдаланылган критерийлер төмөндөгүлөрдү камсыз кылышында турат:

(i) сыпаттамада билдирилген ички контролдун максаттарына жетүүгө коркунуч келтирген тобокелдиктер аныкталган;

(ii) контролдоонун көрсөтүлгөн каражаттары (алар сыпаттамага ылайык колдонулган учурда) бул тобокелдиктер ички контролдун билдирилген максаттарына жетишүүгө тоскоолдук кылбай тургандыгына акылга сыярлык ишенимди камсыз кылат; жана

(iii) контролдоо каражаттары аларды иштеп чыгууда болжолдонгон катары ырааттуу, анын ичинде контролдоонун кол каражаттары [*күндөн]* тартып [*күнду*] кошо алгандагы мезгил аралыгында тиешелүү компетенцияга жана зарыл ыйгарым укуктарга ээ болгон адамдар тарабынан жүзөгө ашырылган.

**2-мисал. Биринчи типтеги тейлөөчү уюмдун ырастоосу**

Тиркелген сыпаттама башка маалыматтар менен бирге сыпаттаманы, анын ичинде кардарлардын финансылык отчеттуулука карата маалыматтык системаларын иликтөөдө кардарлардын өздөрү пайдалануучу контролдоо каражаттары жөнүндө маалыматтарды эске алуу үчүн системаны [*тиби же аталышы*] пайдаланган кардарлар жана алардын жетиштүү билимге ээ болгон аудиторлору үчүн даярдалган. [*Ишкананын аталышы*] төмөндөгүлөрдү ырастайт:

(a) [*bb-cc*] беттериндеги тиркелген сыпаттама [*күнгө*] карата абал боюнча тартып кардарлардын операцияларды иштетүү системасын [*тиби же аталышы*] туура чагылдырат. Бул ырастоону түзүүдө колдонулган критерийлер тиркелген сыпаттама төмөнкүлөрдү камсыз кылышында турат:

(i) система кантип иштелип чыккандыгын жана ишке киргизилгендигин, анын ичинде төмөнкүлөрдү чагылдырат:

- кызмат көрсөтүүлөрдүн түрлөрүн, анын ичинде зарыл болгон учурда иштетилген операциялардын түрлөрүн;
- маалыматтык технологиялар системасын, ошондой эле автоматташтырылбаган системалардын колдонуунун алкагында жол-жоболорду, алардын жардамы менен операциялар демилгеленип, эсепке алынат, иштелип чыгат, зарылдыгына жараша ондолот жана кардарлар үчүн түзүлгөн корутундуларга көчүрүлөт;
- операцияларды демилгелөө, эсепке алуу, иштеп чыгуу жана алар боюнча отчеттор үчүн, анын иичнде туура эмес маалыматтарды оңдоо жана маалыматты кардарлар үчүн даярдалган корутундуга которуу процесси үчүн колдонулган бухгалтердик эсептин тиешелүү маалыматтарын, ырастоочу маалыматты жана белгилүү бир эсептерди;
- операция болуп саналбаган олуттуу окуяларды жана шарттарды система кантип эске ала тургандыгын;

- кардарлар үчүн корутундуларды даярдоо үчүн колдонулган процессти;
- ички контролдоонун тиешелүү максаттарын жана бул максаттарга жетүүгө арналган контролдоо каражаттарын;
- системанын түзүмүнө таянып алар пайдалануучу ишканалар тарабынан ишке киргизилет деп биз болжолдогон жана тиркелген сыпаттамада көрсөтүлгөн ички контролдун максаттарына жетүү үчүн зарыл болгон учурда өз алдынча ишке ашыруу мүмкүн болбогон ички контролдун тиешелүү максаттары менен бирге сыпаттамада аныкталган контролдоо каражаттарын;
- кардарлардын операцияларын иштеп чыгууга жана корутундуларда алардын чагылдырылышына тиешеси болгон биздин контролдук чөйрөбүздүн башка аспекттерин, тобокелдиктерди баалоо процессин, маалыматтык системаны (анын ичинде тиешелүү бизнес-процесстерди) жана маалыматтык өз ара аракеттенүүнү, контролдук иш-аракеттерди жана контролдоо каражаттарынын мониторингин;

(ii) сыпаттама кардарлардын жана алардын аудиторлорунун кеңири чөйрөсүнүн жалпы керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн даярдалып жаткандыгын эске алуу менен, сыпатталып жаткан системаны колдонуу жаатына тиешелүү маалыматтын бурмалануусун же таштап кетүүлөрдү камтыбайт, тиешелүү түрдө, ар бир өзүнчө кардар конкреттүү шарттарда маанилүү деп эсептеши мүмкүн болгон системанын бардык аспекттери кирбеши мүмкүн.

(b) тиркелген сыпаттамада билдирилген ички контролдун максаттарына кирген контролдоо каражаттары [*күнгө]* карата абал боюнча тиешелүү түрдө уюштурулган. Ушул ырастоону түзүүдө пайдаланылган критерийлер, төмөндөгүлөрдү камсыз кылышында турат:

(i) сыпаттамада билдирилген ички контролдун максаттарына жетүүгө коркунуч келтирген тобокелдиктер аныкталган; жана

(ii) контролдоонун көрсөтүлгөн каражаттары (аларды сыпаттамага ылайык колдонууда) бул тобокелдиктер ички контролдун билдирилген максаттарына жетишүүгө тоскоолдук кылбай тургандыгына акылга сыярлык ишенимди камсыз кылат.

**2-тиркеме**

(А47-пунктун караңыз)

## Тейлөөчү уюмдун аудиторунун ишенимди камсыз кылуучу корутундуларынын мисалдары

Төмөндө көрсөтүлгөн мисалдар жалпы көрсөтмөлөр катары гана келтирилет жана толук болуп саналбайт же ар кандай жагдайларга карата колдонулбайт.

**1-мисал. Тейлөөчү уюмдун аудиторунун ишенимди камсыз кылуучу экинчи типтеги корутундусу**

**Контролдоо каражаттарынын сыпаттамасына, түзүмүнө жана операциялык натыйжалуулугуна карата тейлөөчү уюмдун көз карандысыз аудиторунун ишенимди камсыз кылуучу корутундусу**

Кимге: XYZ тейлөөчү уюмуна

*Иштердин көлөмү*

Биз XYZ тейлөөчү уюму тарабынан даярдалган анын системасынын [*тиби же аталышы*] сыпаттамасы жөнүндө корутундуну берүү үчүн, [*bb-cc*] беттеринде келтирилген [*күндөн*] тартып [*күнду*] кошо алгандагы мезгил үчүн сыпаттамада (мындан ары – сыпаттама) билдирилген ички контролдун максаттарына тиешелүү болгон контролдоо каражаттарынын түзүмү жана иштешине карата кардарлардын операцияларын иштетүү үчүн тартылганбыз.[18]

*XYZ тейлөөчү уюмунун жоопкерчилиги*

XYZ тейлөөчү уюму сыпаттаманы жана тиркелген ырастоону даярдоо үчүн [аа] бетинде баяндалган сыпаттаманын жана билдирүүнүн толуктугу, тактыгы жана берүү методу, сыпаттамада билдирилген кызмат көрсөтүү, ички контролдун максаттарын көрсөтүү, ошондой эле ички контролдоонун көрсөтүлгөн максаттарына жетүү үчүн контролдоо каражаттарынын иштелип чыгышы, киргизилиши жана операциялык натыйжалуулугу үчүн жоопкерчилик тартат.

*Биздин көз карандысыздыгыбыз жана сапаттын контролу*

Биз ак ниеттүүлүк, объективдүүлүк, кесиптик компетенттүүлүк жана талаптагыдай кылдаттык, купуялуулук жана кесиптик жүрүм-турум принциптери менен негизделген Бухгалтерлердин этикасынын эл аралык стандарттары боюнча кеңеш тарабынан чыгарылган *Кесипкөй бухгалтерлердин этика кодексинин* көз карандысыздык талаптарын жана башка этикалык талаптарын сактаганыбызды билдиребиз.

Аудитордук уюм Сапатты контролдоонун эл аралык стандартын[19] колдонот жана, тиешелүү түрдө, этикалык талаптарды сактоонун документ түрүндө таризделген саясатын жана жол-жоболорун, кесиптик стандарттарды жана колдонуудагы мыйзамдык жана ченемдик талаптарды камтыган сапатты системалуу контролдоону колдонот.

*Тейлөөчү уюмдун аудиторунун жоопкерчилиги*

Биздин жоопкерчилигибиз XYZ тейлөөчү уюму тарабынан даярдалган сыпаттама, биз аткарган жол-жоболордун негизинде бул сыпаттамада билдирилген ички контролдун максаттарына тиешелүү контролдоо каражаттарынын түзүмү жана иштеши тууралуу пикирибизди билдирүүдө турат. Биз тапшырманы Аудиттин жана ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалардын эл аралык стандарттары

[18] Эгер сыпаттаманын кээ бир элементтери тапшырма боюнча жумуштардын көлөмүнө киргизилбесе, бул ишенимди камсыз кылуучу тапшырма боюнча корутундуда так чагылдырылат.

[19] СКЭС 1 *"Финансылык отчеттуулуктун аудитин жана обзордук текшерүүлөрдү жүргүзүүчү, ошондой эле ишенимди камсыз кылуучу башка тапшырмаларды жана коштоочу кызмат көрсөтүүлөр боюнча тапшырманы аткаруучу аудитордук уюмдарда сапатты контролдоо»*

боюнча кеңеш чыгарган "*Тейлөөчү уюмдун контролдоо каражаттары жөнүндө тейлөөчү уюмдун аудиторунун ишенимди камсыз кылуучу корутундусу"* Ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалардын эл аралык стандарты (ИКТЭС) 3402ге ылайык аткардык. Бул стандарт бизден сыпаттама бардык олуттуу мамилелерде туура көрсөтүлгөн жана талаптагыдай уюштурулган жана натыйжалуу иштейт деген акылга сыярлык ишенимге ээ болгондой түрдө жол-жоболорубузду пландаштырууну жана жүргүзүүнү талап кылат.

Ишенимди камсыз кылуучу тапшырма тейлөөчү уюмдун контролдоо каражаттарынын сыпаттамасына, түзүмүнө жана операциялык натыйжалуулугуна карата корутунду берүү менен тейлөөчү уюмдун системасынын сыпаттамасында маалыматтын ачып көрсөтүлүшүн тастыктаган далилдерди алууга багытталган жол-жоболорду, ошондой эле контролдоо каражаттарынын түзүмүн жана операциялык натыйжалуулугун камтыйт. Жол-жоболорду тандоо тейлөөчү уюмдун аудиторунун ой жүгүртүүсүнө жараша болот жана сыпаттама ишенимдүү берилген эмес жана контролдоо каражаттары талаптагыдай уюштурулган эмес жана натыйжалуу иштебейт деген тобокелдикти баалоону камтыйт. Биздин жол-жоболор сыпаттамада билдирилген ички контролдун максаттарына жетишилгендигинин акылга сыярлык ишенимин камсыз кылуу үчүн зарыл деп эсептеген контролдоо каражаттарынын операциялык натыйжалуулугун тестирлөөнү камтыган. Мындай типтеги ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалар ошондой эле өзүнө сыпаттаманын жалпы берилишинин баалоосун, анда билдирилген максаттардын тийиштүү мүнөзүн жана тейлөөчү уюм көрсөткөн [*aa*] бетинде баяндалган киртерийлердин жарактуулугун камтыйт.

Биз алган далилдер жетиштүү жана талаптагыдай болот деп ойлойбуз жана биздин пикирибизди билдирүү үчүн негиз берет.

*Тейлөөчү уюмдун контролдоо каражаттарын чектөө*

XYZ тейлөөчү уюму тарабынан түзүлгөн сыпаттама кардарлардын жана алардын аудиторлорунун кеңири чөйрөсүнүн жалпы керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн даярдалган жана, тиешелүү түрдө, ар бир өзүнчө кардар конкреттүү шарттарда маанилүү деп эсептей турган системанын бардык аспекттерин камтый албайт. Мындан тышкары, өзүнүн мүнөзүнөн улам тейлөөчү уюмдун контролдоо каражаттары операцияларды иштеп чыгуу процессинде же ошол операциялар жөнүндө берилип жаткан корутундуларда бардык каталарды же таштап кетүүлөрдү четтете албашы же таба албашы мүмкүн. Мындан тышкары, келечектеги мезгилдерде натыйжалуулугун баалоону болжолдоо тейлөөчү уюмдун контролдоо каражаттары жетишсиз болуп калышы мүмкүн же талаптагыдай иштебей калышы ыктымал деген тобокелдик менен байланышкан.

*Пикир*

Биздин пикирибиз ушул корутундуда баяндалган жагдайларды эске алуу менен түзүлдү. Биз пикирибизди түзүүдө, биз [*aa*] бетинде баяндалган критерийлерди колдондук. Биздин пикирибиз боюнча, бардык олуттуу мамилелерде:

(a) сыпаттама [*күндөн*] тартып [*күнду*] кошо алгандагы мезгил ичинде иштелип чыккан жана киргизилген система [*тиби же аталышы*] жөнүндө туура түшүнүк берет;
(b) сыпаттамада билдирилген ички контролдун максаттарына кирген контролдоо каражаттары [*күндөн*] тартып [*күнду*] кошо алгандагы мезгил ичинде тийиштүү түрдө уюштурулган;
(c) сыпаттамада билдирилген ички контролдун максаттарына жетүүнүн акылга сыярлык ишенимин камсыз кылуу үчүн зарыл болгон, тестирлөөдөн өткөн контролдоо каражаттары [*күндөн*] тартып [*күнду*] кошо алгандагы мезгил ичинде натыйжалуу иштеген.

Контролдоо каражаттарынын тесттеринин сыпаттамасы

Тестирлөөдөн өткөн контролдоо каражаттары, ошондой эле ушул тесттердин мүнөзү, мөөнөттөрү жана натыйжалары [*yy-zz*] беттеринде көрсөтүлгөн.

*Болжолдонгон пайдалануучулар жана максат*

Бул корутунду жана [*yy-zz*] беттериндеги контролдоо каражаттарынын тесттеринин сыпаттамасы аны башка маалымат, анын ичинде финансылык отчеттуулукту олуттуу бурмалоо тобокелдигин баалоодо кардарлар колдонуучу контролдоо каражаттары жөнүндө маалыматтар менен бирге эске алуу үчүн XYZ тейлөө уюмунун системасын [*тиби же аталышы*] колдонгон кардарларга жана алардын жетиштүү билимдерге ээ болгон аудиторлоруна гана арналган.

[*Тейлөөчү уюмдун аудиторунун колу*]

[*Тейлөөчү уюмдун аудиторунун ишенимди камсыз кылуучу корутундусунун күнү*]

[*Тейлөөчү уюмдун аудиторунун дареги*]

**2-мисал. Тейлөөчү уюмдун аудиторунун ишенимди камсыз кылуучу биринчи типтеги корутундусу**

**Контролдоо каражаттарынын сыпаттамасы жана түзүмү жөнүндө тейлөөчү уюмдун көз карандысыз аудиторунун ишенимди камсыз кылуучу корутундусу**

Кимге: XYZ тейлөөчү уюмуна

*Иштердин көлөмү*

Биз XYZ тейлөөчү уюму тарабынан даярдалган анын системасынын [*тиби же аталышы*] сыпаттамасы жөнүндө корутундуну берүү үчүн, [*bb-cc*] беттеринде көрсөтүлгөн [*күнгө*] карата абал боюнча сыпаттамада (мындан ары – сыпаттама) билдирилген ички контролдун максаттарына тиешелүү болгон контролдоо каражаттарынын түзүмүнө жана иштешине карата кардарлардын операцияларын иштетүү үчүн тартылганбыз.[20]

Биз сыпаттамага киргизилген контролдоо каражаттарынын операциялык натыйжалуулугуна карата жол-жоболорду жүргүзгөн жокпуз жана тийиштүү түрдө, бул маселе боюнча пикирибизди билдирбейбиз.

*XYZ тейлөөчү уюмунун жоопкерчилиги*

XYZ тейлөөчү уюму сыпаттаманы жана [*aa*] бетинде баяндалган, тиркелген ырастоону даярдоо, анын ичинде сыпаттаманын жана билдирүүнүн толуктугу, тактыгы жана берүү методу; сыпаттамада билдирилген кызмат көрсөтүү, ички контролдун максаттарын көрсөтүү, ошондой эле ички контролдоонун көрсөтүлгөн максаттарына жетүү үчүн контролдоо каражаттарынын иштелип чыгышы, киргизилиши жана операциялык натыйжалуулугу үчүн жоопкерчилик тартат.

*Биздин көз карандысыздыгыбыз жана сапатты контролдоо*

Биз ак ниеттүүлүк, объективдүүлүк, кесиптик компетенттүүлүк жана талаптагыдай кылдаттык, купуялуулук жана кесиптик жүрүм-турум принциптери менен негизделген Бухгалтерлердин этикасынын эл аралык стандарттары боюнча кеңеши тарабынан чыгарылган *Кесипкөй бухгалтерлердин этика кодексинин* көз карандысыздык талаптарын жана башка этикалык талаптарын сактадык.

Аудитордук уюм Сапатты контролдоонун эл аралык стандартын[21] колдонот жана, тиешелүү түрдө, этикалык талаптарды сактоонун документ түрүндө таризделген саясатын жана жол-жоболорун, кесиптик стандарттарды жана колдонуудагы мыйзамдык жана ченемдик талаптарды камтыган сапатты туруктуу контролдоону колдонот.

[20] Сыпаттаманын кээ бир элементтери тапшырма боюнча жумуштардын көлөмүнө киргизилбесе, ал ишенимди камсыз кылуучу тапшырма боюнча корутундуда так чагылдырылган.

[21] СКЭС 1 *"Финансылык отчеттуулуктун аудитин жана обзордук текшерүүлөрдү жүргүзүүчү, ошондой эле ишенимди камсыз кылуучу башка тапшырмаларды жана коштоочу кызмат көрсөтүүлөр боюнча тапшырманы аткаруучу аудитордук уюмдарда сапатты контролдоо»*

*Тейлөөчү уюмдун аудиторунун жоопкерчилиги*

Биздин жоопкерчилигибиз XYZ тейлөөчү уюму тарабынан даярдалган сыпаттама, биз аткарган жол-жоболордун негизинде бул сыпаттамада көрсөтүлгөн ички контролдун максаттарына тиешелүү контролдоо каражаттарынын түзүмү жана иштеши тууралуу пикирибизди билдирүүдө турат. Биз тапшырманы Аудиттин жана ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалардын эл аралык стандарттары боюнча кеңеш чыгарган "*Тейлөөчү уюмдун контролдоо каражаттары жөнүндө тейлөөчү уюмдун аудиторунун ишенимди камсыз кылуучу корутундусу*" Ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалардын эл аралык стандарты (ИКТЭС) 3402ге ылайык аткардык. Бул стандарт бизден сыпаттама бардык олуттуу мамилелерде ишенимдүү көрсөтүлгөн жана талаптагыдай уюштурулган жана натыйжалуу иштейт деген акылга сыярлык ишенимге ээ болгондой түрдө жол-жоболорубузду пландаштырууну жана жүргүзүүнү талап кылат.

Ишенимди камсыз кылуучу тапшырма тейлөөчү уюмдун контролдоо каражаттарынын сыпаттамасына, түзүмүнө жана операциялык натыйжалуулугуна карата корутунду берүү менен тейлөөчү уюмдун системасынын сыпаттамасында маалыматтын ачып көрсөтүлүшүн тастыктаган далилдерди алууга багытталган жол-жоболорду, ошондой эле контролдоо каражаттарынын түзүмүн жана операциялык натыйжалуулугун камтыйт. Жол-жоболорду тандоо тейлөөчү уюмдун аудиторунун ой жүгүртүүсүнө жараша болот жана сыпаттама ишенимдүү берилген жок жана контролдоо каражаттары талаптагыдай уюштурулган жок жана натыйжалуу иштеген жок деген тобокелдиктерди баалоону камтыйт. Ишенимди камсыз кылуучу ушундай типтеги тапшырма өзүнө ошондой эле сыпаттаманын жалпы берилишинин баалоосун, анда көрсөтүлгөн максаттардын тийиштүү мүнөзүн жана тейлөөчү уюм көрсөткөн жана [*аа*] бетинде баяндалган киртерийлердин жарактуулугун камтыйт.

Жогоруда айтылгандай, биз сыпаттамага киргизилген контролдоо каражаттарынын операциялык натыйжалуулугуна карата жол-жоболорду жүргүзгөн жокпуз жана, тийиштүү түрдө, бул маселе боюнча пикирибизди билдирбейбиз.

Биз алган далилдер жетиштүү жана талаптагыдай болуп саналат жана биздин пикирибизди билдирүү үчүн негиз берет деп ойлойбуз.

*Тейлөөчү уюмдун контролдоо каражаттарын чектөө*

XYZ тейлөөчү уюму тарабынан түзүлгөн сыпаттама кардарлардын жана алардын аудиторлорунун кеңири чөйрөсүнүн жалпы керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн даярдалган жана, тиешелүү түрдө, ар бир өзүнчө кардар конкреттүү шарттарда маанилүү деп эсептей турган системанын бардык аспектилерин камтый албайт. Мындан тышкары, өзүнүн мүнөзүнөн улам тейлөөчү уюмдун контролдоо каражаттары операцияларды иштеп чыгуу процессинде же ошол операциялар жөнүндө берилип жаткан корутундуларда бардык каталарды же таштап кетүүлөрдү четтете албайт же таба албайт.

*Пикир*

Биздин пикир ушул корутундуда баяндалган жагдайларды эске алуу менен түзүлдү. Биз пикирибизди түзүүдө биз [*аа*] бетинде баяндалган критерийлерди колдондук. Биздин пикирибиз боюнча, бардык олуттуу мамилелерде:

(a) сыпаттама [*күнгө*] карата абал боюнча иштелип чыккан жана киргизилген система [*тиби же аталышы*] жөнүндө туура түшүнүк берет;

(b) ички контролдун максаттарына кирген, сыпаттамада билдирилген контролдоо каражаттары [*күнгө*] карата абал боюнча тийиштүү түрдө уюштурулган;

Болжолдонгон пайдалануучулар жана максат

Ушул корутунду жана [*уу-zz*] беттериндеги контролдоо каражаттарынын тесттеринин сыпатталышы XYZ тейлөө уюмунун системасын [*тиби же аталышы*] колдонгон кардарлар жана кардарлардын финансылык отчеттуулукка таандык маалыматтык системаларын изилдөөдө кардарлардын өздөрү

колдонгон контролдоо каражаттары тууралуу маалыматтарды кошо алганда аны башка маалыматтар менен бирге эске алуу үчүн жетиштүү билимдерге ээ болгон алардын аудиторлору үчүн гана арналган.

[*Тейлөөчү уюмдун аудиторунун колу*]

[*Тейлөөчү уюмдун аудиторунун ишенимди камсыз кылуучу корутундусунун күнү*]

[*Тейлөөчү уюмдун аудиторунун дареги*]

**3-тиркеме**

(A50-пунктун караңыз)

## Тейлөөчү уюмдун аудиторунун ишенимди камсыз кылуучу модификацияланган корутундуларынын мисалдары

Төмөндө көрсөтүлгөн мисалдар жалпы көрсөтмөлөр катары гана келтирилет жана толук болуп саналбайт же ар кандай жагдайларга карата колдонулбайт. Алар 2-тиркемедеги корутундулардын мисалдарына негизделет.

**1-мисал. Коюлган шарты бар пикир: тейлөөчү уюм тарабынан анын системасынын сыпаттамасы бардык олуттуу мамилелерде туура берилген эмес**

**…**

*Тейлөөчү уюмдун аудиторунун жоопкерчилиги*

Алынган далилдер жетиштүү жана талаптагыдай болуп саналат жана коюлган шарты бар биздин пикирибизди билдирүү үчүн бизге негиз берет деп ойлойбуз.

*Коюлган шарты бар пикирди билдирүү үчүн негиз*

Тиркелген сыпаттамада [*mn*] бетте XYZ тейлөөчү уюм системага санкцияланбаган кирүүнү болтурбоо үчүн операторлордун идентификациялык номерлерин жана паролдорун колдонот деп көрсөтүлгөн. Персоналга суроо-талаптарды жөнөтүүнү жана ишмердүүлүктүн жүзөгө ашырылышына байкоо жүргүзүүнү камтыган жүргүзүлгөн жол-жоболордун негизинде биз операторлордун идентификациялык номерлери жана паролдору A жана B тиркемелеринде колдонуларын, бирок C жана D тиркемелеринде колдонулбай тургандыгын аныктадык.

*Коюлган шарты бар пикир*

Биздин пикир ушул корутундуда баяндалган жагдайларды эске алуу менен түзүлдү. Пикирибизди түзүүдө, биз [*aa*] бетиндеги XYZ тейлөө уюмунун билдирүүсүндө көрсөтүлгөн критерийлерди колдондук. Биздин пикирибиз боюнча, "Коюлган шарты бар пикирди билдирүү үчүн негиз" бөлүмүндө баяндалган жагдайларды кошпогондо:

(a) …

**2-мисал. Коюлган шарты бар пикир: контролдоо каражаттары тейлөөчү уюмдун өзүнүн системасынын сыпаттамасында билдирилген ички контролдун максаттары контролдоо каражаттарынын натыйжалуу иштөөсүндө жетишилет деген акылга сыярлык ишенимди камсыз кылуу үчүн талаптагыдай уюштурулган эмес**

**…**

*Тейлөөчү уюмдун аудиторунун жоопкерчилиги*

...

Биз алган далилдер жетиштүү жана талаптагыдай болуп саналат жана коюлган шарты бар пикирибизди билдиришибизге негиз берет деп ойлойбуз.

*Коюлган шарты бар пикирди билдирүү үчүн негиз*

Тиркелген сыпаттаманын [*mn*] бетинде көрсөтүлгөндөй XYZ тейлөө уюму мезгил-мезгили менен кемчиликтерди жоюу же алардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү үчүн тиркемелер программаларына өзгөртүүлөрдү киргизет. Өзгөртүүлөрдүн зарылдыгын аныктоо, өзгөртүүлөрдүн долбоорун иштеп чыгуу жана аларды ишке киргизүү үчүн пайдаланылуучу жол-жоболор өзгөртүүлөрдү киргизүүгө катышкан жактардга көз карандысыз болгон ыйгарым укуктуу жактар тарабынан текшерүүлөрдү жана ырастоону камтыбайт. Мындан тышкары, мындай өзгөртүүлөрдү тестирлөө боюнча же тестирлөөнүн натыйжаларын өзгөртүү киргизилгенге чейин текшерүү жүргүзүү үчүн жооптуу ыйгарым укуктуу жакка берүү боюнча белгилүү бир талаптар жок.

*Коюлган шарты бар пикир*

Биздин пикир бул корутундуда баяндалган жагдайларды эске алуу менен түзүлдү. Пикирибизди түзүүдө биз XYZ тейлөө уюмунун билдирүүсүндө [*aa*] бетинде көрсөтүлгөн критерийлерди колдондук. Биздин пикирибиз боюнча, "Коюлган шарты бар пикирди билдирүү үчүн негиз" бөлүмүндө баяндалган жагдайларды кошпогондо:

(a) …

**3-мисал. Коюлган шарты бар пикир: контролдоо каражаттары көрсөтүлгөн мезгил ичинде натыйжалуу иштеген жок (экинчи типтеги корутундулар үчүн гана)**

**…**

*Тейлөөчү уюмдун аудиторунун жоопкерчилиги*

…

Алынган далилдер жетиштүү жана талаптагыдай болуп саналат жана коюлган шарты бар пикирибизди билдиришибизге негиз берет деп ойлойбуз.

*Коюлган шарты бар пикирди билдирүү үчүн негиз*

XYZ тейлөөчү уюму өзүнүн сыпаттамасында анда жыйынтыктоочу маалыматтар менен кредиттер боюнча алынган төлөмдөрдү салыштырып текшерүүнү жүргүзүү үчүн автоматташтырылган контролдоо каражаттары бар экендигин көрсөтөт. Бирок, сыпаттаманын [*mn*] бетинде көрсөтүлгөндөй, бул контролдоо каражаты *кк/аа/жжжжж* тартып *кк/аа/жжжжж* кошо алгандагы мезгилде, программадагы катачылыктан улам натыйжалуу иштеген эмес. Натыйжада *кк/аа/жжжжж* тартып *кк/аа/жжжжж* кошо алгандагы мезгилде «кредиттер боюнча алынган төлөмдөр тиешелүү түрдө чагылдырылганына контролдоо каражатынын жардамы менен акылга сыярлык ишенимди камсыз кылууда" турган ички контролдун максатына жетишилген эмес. XYZ тейлөөчү уюму [*күнгө*] карата абал боюнча эсептөөлөрдү аткарган программага өзгөртүү киргизген жана биздин тесттер көрсөтүп тургандай, программа *кк/аа/жжжжж* тартып *кк/аа/жжжжж* кошо алгандагы мезгил ичинде натыйжалуу иштеди.

*Коюлган шарты бар пикир*

Биздин пикир бул корутундуда баяндалган жагдайларды эске алуу менен түзүлдү. Пикирибизди түзүүдө, биз [*aa*] бетиндеги XYZ тейлөө уюмунун билдирүүсүндө көрсөтүлгөн критерийлерди колдондук. Биздин пикирибиз боюнча, "Коюлган шарты бар пикирди билдирүү үчүн негиз" бөлүмүндө баяндалган жагдайларды кошпогондо:

(а) …

**4-мисал. Коюлган шарты бар пикир: тейлөөчү уюмдун аудитору талаптагыдай жетиштүү далилдерди ала албайт**

**…**

*Тейлөөчү уюмдун аудиторунун жоопкерчилиги*

…

Алынган далилдер жетиштүү жана талаптагыдай болуп саналат жана пикирибизди коюлган шарты менен билдиришибизге негиз берет деп ойлойбуз.

*Коюлган шарты бар пикирди билдирүү үчүн негиз*

XYZ тейлөөчү уюму өзүнүн сыпаттамасында анда жыйынтыктоочу маалыматтары бар кредиттер боюнча алынган төлөмдөрдү салыштырып текшерүүнү жүргүзүү үчүн автоматташтырылган контролдоо каражаттары бар экенин көрсөтөт. Бирок, *кк/аа/жжжж* тартып *кк/аа/жжжж* кошо алгандагы мезгилде ушул салыштырып текшерүүнүн жыйынтыктарынын электрондук жазуулары компьютердик иштеп чыгуунун катасынын натыйжасында алынып салынган, ошондуктан, биз бул контролдоо каражатынын көрсөтүлгөн мезгил үчүн иштөөсүнө тестирлөө жүргүзө алган жокпуз. Ошентип, биз *кк/аа/жжжж* тартып *кк/аа/жжжж* кошо алгандагы мезгилде «кредиттер боюнча алынган төлөмдөр тиешелүү түрдө чагылдырылганына акылга сыярлык ишенимди контролдоо каражатынын жардамы менен камсыз кылууда" турган ички контролдун максатына жетишилгенин же жоктугун аныктай алган жокпуз.

*Коюлган шарты бар пикир*

Биздин пикир бул корутундуда баяндалган жагдайларды эске алуу менен түзүлдү. Пикирибизди түзүүдө биз XYZ тейлөө уюмунун билдирүүсүндө [*аа*] бетинде көрсөтүлгөн критерийлерди колдондук. Биздин пикирибиз боюнча, "Коюлган шарты бар пикирди билдирүү үчүн негиз" бөлүмүндө баяндалган жагдайларды кошпогондо:

(а) …